# УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!

Сиздердин назарыңыздарга маалымат-аналитикалык бюллетендин бешинчи чыгарылышында Борбор Азияда болуп жаткан адам укугун коргоо тармагындагы жаңылыктарды тартуулайбыз.

Акыркы эки айдын ичинде жаратылыш кырсыктары: жер титирөө, сел каптоо, жанар тоонун козголушу жана коомдогу өзгөрүүлөр: мамлекеттик төңкөрүштөр - дүйнөнү дүңгүрөттү. Ал окуялардан Борбор Азия мамлекеттери да четте калган жок.

Убагында Акаевди тактыдан түшүргөн “Жоогазын революциясынын натыйжасында бийликке келген Курманбек Бакиевдин катаал тартиби да беш жылдан соң элдин наразычылыгынан улам кулады. Бийликтин Убактылуу өкмөттүн колуна өтүшү, массалык баш-аламандыктар жана Бишкектеги сексен беш адамдын курман болушу глобалдык деңгээлдеги жаңылыктарга айланды.

ОБСЕнин жана айрым бир мамлекеттердин башчыларынын ортомчулугунун натыйжасында Курманбек Бакиев президенттиктен бошогону жөнүндө арыз жазган. Андан кийин Бакиев Казакстандан Лукашенко мырзанын жеке чакыруусу боюнча Минскиге учуп кеткени белгилүү болду. Азыркыга чейин 7-апрелдеги бийлик алмашуу Кыргызстандын келечегине кандай таасирин тийгизээри жөнүндө талкуулар жүрүп жатат. Кыргызстан башкаруунун кандай үлгүсүн тандап, бийликке ким келээри жөнүндө ар түрдүү саясий жана геосаясий талаш-тартыштар уланууда.

Бирок калктын басымдуу катмарын азыркы түзүлгөн кырдаалда, кыска мөөнөттүн ичинде жаңы өкмөт тартипти сактап, мыйзамдуулукту камсыздап калуусу кызыктырат.

Кээде бул маанилүү талкууларда, талаш-тартыштарда эл аралык документтерде жана биздин Конституциялардын биринчи барагында жазылган эң негизги – Адам, анын өмүрү жана укугунун баалуулугу унутулуп калат. Андыктан биз эң курч саясий окуяларды чагылдырып жатып, негизги кесипкөй үлгүлөргө таянып, адам укугун биринчи баскычка коебуз.

Төңкөрүштүн көлөкөсүндө эл агартуу, саламаттыкты сактоо тармактары унутулуп калгандай. Белгилей кетсек, дал ушул тармактар маданияттын деңгээлин көтөрүп, өлкөнүн ички коопсуздугун камсыздайт. Андыктан биздин долбоордун кезектеги чоң бөлүгү сапаттуу билим берүүгө арналган.

Эске сала кетсек, Бюллетень Европалык Кеңештин колдоосунда, британдык Согуш жана тынчтыкты чагылдыруу Институтунун (IWPR) «Борбор Азиядагы ММКлар аркылуу адам укугун коргоо жана укук коргоо боюнча агартуу» долбоору тарабынан даярдалды. Долбоордун негизги максаттарынын бири - Борбор Азия чөлкөмүндөгү коомчулуктун адам укугун коргоо тармагында маалымдуулугун жана сабатын жогорулатуу.

Бүгүнкү күндө долбоор Кыргызстандагы балдардын билим алуусунун жеткиликтүүгүн, Тажикстандагы суицид санынын өсүү көйгөйүн чечүү, Казакстандагы сөз эркиндигин колдогон диалог платформасына ээ. Долбоордун ишкерлигинин дагы бир багыты Өкмөттүк эмес Уюмдардын өкүлдөрүн коомчулук менен, массалык-маалымат каражаттары менен байланышууга үйрөтүү, журналисттерге адам укугун коргоонун эл аралык жана улуттук мыйзам үлгүлөрүнө үйрөтүүчү машыгууларды өткөрүү болуп саналат.

Бүгүн IWPR өз ишкерлигин Европа, Афганистан, Иран, Ирак, Сирия, Филиппин, Уганда, Түндүк Африка, Зимбабве, Кавказ жана Борбор Азия өлкөлөрүндө ийгиликтүү ишке ашыратууда. IWPR Борбор Азияда өз ишин 1999-жылы баштаган, бул убакыттын ичинде Институт мамлекеттик, өкмөттүк эмес секторлор, медиатүзүмдөр менен ийгиликтүү кызматташатып келет. IWPR биринчилерден болуп, жергиликтүү журналисттер менен иштешип, чет элдик кесиптештери менен байланышуусун түздү. Убакыт өткөн сайын бул өнөктүк тыгыз катнаштарды жаратты.

Мындай ыкма жаңы алакаларды, идея, билим, жөндөм алмашууну камсыздады. Анын натыйжасы, тил аралык өзгөчөлүктөргө, көз караштарга карабай www.iwpr.net. мвеб-сайтында бириккен макалалар пайда болду. Бул ийгиликтүү долбоорду аркалай IWPR адам укугу, демократиялык маселелерди чагылдырууда чоң салымын кошту.

Ар бир чыгарылышта сиздерди долбоордун ишкерлиги менен тааныштырып, Казакстанда, Кыргызстанда, Тажикстанда, Түркмөнстанда, Өзбекстанда адам укугун бузуу жагдайларын ачык чагылдырууга аракет кылабыз.

# ЧЫГАРЫЛЫШТА:




**02** **ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ**

**09** **АКТУАЛДУУ МАЕК**
1. Нигина Бахриева: Тажик укук коргоочулары тарыхый жарандык согушту эске салып, бийликке болгон наразычылыгын көчө акциялары аркылуу эмес, диалог түрүндө чечүүнү туура табышты.
2. Бернд Рэчел: Түркмөн саламаттыгын сактоо изилдөөлөрү Кара жарыкты изилдөө менен барабар.

**14** **КАЗАКСТАН:**
1. Казакстандагы африкалыктар жашоо үчүн күрөшөт.

**15** **КЫРГЫЗСТАН:**
1. Кыргызстандын бийлиги жер басып алуучулар менен күрөшөт.
2. Қоңшу өлкөлөр Кыргызстандан кооптонот.
АТАЙЫН РЕПОРТАЖ
Кыргызстандагы негизги билим алуу базар шартында өзгөрүүлөргө муктаж.

**22** **ТАЖИКСТАН:**
1. АТАЙЫН РЕПОРТАЖ:
Тажикстан: ажырашуудан кийин аялдар баарынан кур калат.
2. Тажикстанда кыздар мектепти калтырат.

**25** **ӨЗБЕКСТАН:**
1.Өзбекстанда балдар эмгеги мурдагыдай эле “салттуу” деп саналат.
2. Өзбекстан: расмий органдар үй-бүлөөлүк зордук-зомбулук көйгөйү бар экенин танат.
3. Өзбекстан: Тыюу салуу чаралары саламаттыкты сактоодогу кырдаалды оңдой албайт. СПИДге каршы пикирин билдирген адам абакта отурат.
4. Андижанда саясий качкын айым кармалып, сот чечимин күтүүдө.
Түшүндүрмө: БУУнун адам укугу боюнча Комитетинин Өзбекстандагы кырдаалды оңдоо чакырыгы чөлдөгү суусаган адамды элестетет.

**31** **ТҮРКМӨНСТАН:**
1. Мыйзамдарды гумандаштыруу текши болушу керек.
2. Түшүндүрмө: Бийлик жумушсуздарды көзгө илбей, алардын укугун бузат.


# ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ



## Интернет-сабаттуулук боюнча журналисттер жана укук коргоочулар үчүн аймактык машыгуулар.

*Бишкек, Кыргызстан, 29-31-март*

Бул машыгуулар Кыргыз Республикасындагы Согуш жана Тынчтыкты чагылдыруу өкүлчүлүгү (IWPR) тарабынан биздин аймактын: Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан-үч өлкөнүн укук коргоочулары жана журналисттери үчүн уюшулган.

Машыгуунун негизги максаты - бүткүл дүйнөлүк желенин жигердүү колдонуучулары укук коргоочуларды жана журналисттерди Интернетте иштөөдө кооптуу тобокелчилик жөнүндө кабардар кылуу, жеке жана коммерциялык мүнөздөгү маалыматтарды коргоо ыкмаларын үйрөтүү болду. Үч күндүк машыгуунун жүрүшүндө ар бир катышуучу үчүн, алган билимин бекемдөө максатында практика жүзүндө тапшырма аткаруу сунушталды.

Машыктыруучу катары Нидерландыда катталган «Түркмөнстандын демократиялык жарандык союзу» өкмөттүк эмес уюмдун жетекчиси Вячеслав Мамедов чакырылган. Вячеслав Мамедов бул темада дүйнөнүн ар түрдүү өлкөлөрүнүн чыгаандарын машыктырууда көп жылдык тажрыйбага ээ.

«Сиздин электрондук кат алышууңуз үчүнчү тарапка оңой олжо болуп калышы ар дайым актуалдуу. Эң коркунучтуусу-жазган адам ал тууралуу билбей, өз маалыматын убагында коргоо механизмин колдоно албай калат. Интернет менен иштөөдө азыркы алган билимиңер сиздерге келечекте пайдасын тийгизет деп терең ишенем», - деди Мамедов иш-чараны жыйынтыктап жатып.

«Zonakz.net» Интернет-гезитинин кабарчысы, машыгуунун катышуучусу Владислав Юрицын: «Бул машыгуулар менин Интернет тармагындагы сабаттуулугумду тереңдетти. Иш жүзүндөгү тапшырмалардын натыйжасында мурун мен угуп жүргөн маселелер менен жакын тааныша алдым. Бул мен иштеген редакцияга сөзсүз пайдасын тийгизээрине көзүм жетет»,-деди.

Тажикстандык өкүл, адам укугу жана мыйзамдуулукту сактоо бюросунун юристи Худоназар Мамадназаров, «бул машыгуудан өзү үчүн көп жаңылыктарды ачкандыгын» баса белгиледи.

«Менин коомдук уюмдагы ишкерлигим мурун IT – тармагы менен тыгыз байланышта болгондуктан көп нерсени билем деп жаңылыш ойлоп жүрүпмүн. Бул машыгуудан кийин гана билимим жетишээрлик эмес экенине көзүм жетти. Менимче, мындай үйрөтүүчү иш-чараларды ири жана баштапкы коомдук уюмдардын кызматчылары, укук коргочулар жана журналисттер үчүн үзгүлтүксүз жүргүзүп туруу зарыл. Бул Тажикстандын ӨэУдар тармагына абдан маанилүү», - деди Мамадназаров.

Машыгуунун катышуучулары тренинг материалдарынын жөнөкөйлүгүнүн натыйжасында аны өздөштүрүү оңойго тургандыгын өзгөчө баалашты. «Тапшырма аткарууда ар бир кадамы чечмеленген абдан түшүнүктүү колдонмо курал берилгендиктен, үч күндүн ичинде техникалык тапшырманы туура, ийгиликтүү аткардык», - деди кыргызстандык өкүл, «Демократия жана жарандык коом» Коалициясынын чыгааны Динара Ошурахунова.

«Баары түшүнүктүү, жөнөкөй жана пайдалуу болду», - деп кошумчалады кыргызстандык укук коргоочу, «Эркиндик добушу» коомдук фондусунун жетекчиси Сардар Багишбеков.

«Менимче укук коргоо чөйрөсүндө Интернет-булактарын сабаттуу колдонуу маданиятын түзүп, аны күнүмдүк жумушка киргизүү керек. Укук коргоочулардын компьютеринде укук коргоочунун коргоого алган адамдары жөнүндө маалымат болот, жана ал маалымат элге тарап кетиши туура эмес», - деди Багишбеков.

«Маалымат активдүү колдонулган журналистика жана адам укугун коргоо тармагында арам ойлуу адамдардан жабыркоо тобокелчилиги дайыма болот. Бир нече күндүн ичинде биз коркунучту кандайча алдын алып, Интернеттеги жумушубузду коопсуздандыруу жөнүндө көп маалымат алдык. Мен бир да мүнөт бошобогон иш тартибимди бузуп, бул машыгууга келгеним үчүн эч өкүнбөй, тескерисинче, көп пайдалуу тажрыйба алгандыгыма кубанам», - деди машыгуунун катышуучусу, «Mojazarplata.kz» долбоорунун Казакстандагы веб-менеджери Инесса Шлапак.

Иш-чаранын катышуучуларынын айтымында, IWPRдин машыгуусунан алган билимдери жана кепилдемелери кийинки Интернет менен иштөөдө пайдасын тийгизбей койбойт. Казакстан жана Тажикстан өкүлдөрү мындай машыгуулар алардын өлкөлөрүндө да өтүүсүн каалагандыгын билдиришти.

## «Борбор Азиядагы Орто билим алуу мүмкүнчүлүгү: көйгөйлөр жана алдыдагы максаттар» аттуу аймактык Тегерек стол.

*Душанбе, 16-17-апрель.*

В Согуш жана тынчтыкты чагылдыруу Институту (IWPR) тарабынан Билим берүү Министрлиги жана БУУнун Балдар Фондунун (UNICEF), Тажикстандын Кол кабыш Фондунун ачык коомунун колдоосунда аймактын Тажикстан, Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан - төрт өлкөөн 60 өкүл катышты.



Иш-чаранын жүрүшүндө катышуучулар ар бир өлкөдөгү олуттуу өзгөчөлүктөргө карабай, негизги орто билим мүмкүнчүлүгүнүн жалпы көйгөйлөрүн талкууга алышты.

«60 млн.калкы бар аймактын көп окшош көйгөйлөрү бар, анын ичинде билим берүү тармагы да бар. Ар бир өлкөнүн алдында - дүйнөлүк экономикалык эмгекти бөлүшүүдө татыктуу орун табуу эң башкы жалпы маселе турат. Андыктан биз, калкты сапаттуу билим алуу менен камсыздап, аны дүйнөлүк үлгүгө жеткиришибиз керек», - деди казак парламентинин депутаты Мурат Абенов.

Аймактын өлкөлөрүнүн (Түркмөнстандан башка) дагы бир жалпы маселес - билим берүү тутумундагы 12 жылдык билим берүүгө өтүү реформасы аталды.

«Бүгүн көп республикаларда билим берүү тармагында өзгөрүүлөр болууда. Тажикстан да бул багытта иш алып барып, 2014 жылга чейин 12 жылдык билим берүүгө өтүүнү чечти», -деди Тажикстан президенттик аткаруу аппаратынын билим берүү жана илим Бөлүмүнүн башчысы Хамидуллохон Факеров.

«Бул билим берүүгө башкача мамиле кылуу боюнча жаңы идея, жана бул маселеде биз бири-бирибизге жардам берип, керек болсо, колдоо көрсөтөбүз», – деди Абенов.

Казак депутаты, анын өлкөсү 2001-жылы эле 12 жылдык билим алууга өтүүнү максат кылып койгонун айтып берди. Бирок иш жүзүндө бул тутумга али өтө элек. “Биздин өлкөдө бул маселени ырааттуу тартипте чечип, билим берүү тутумун бул реформага максималдуу сапаттуу ишке ашыруу максатында өтүүгө даярдайт”, – деп баса белгиледи Абенов.

«12 жылдык билим берүүгө өтүүдө көйгөйлөр абдан көп, эң башкысы каржылоо», - деди Тажикстан билим берүү академиясынын президенти Ирина Каримова. Бирок анын сөзүндө, билим берүү министрлиги керектүү чыгымдарды санап койду. Биз башка өлкөлөрдүн тажрыйбасын да терең изилдеп, өз ыкмабызды иштеп чыктык. Реформаны ишке ашырууда ар бир өлкөнүн өз жолу бар»,-деди ал.

Тегерек столдун жүрүшүндө, ар бир өлкө бул тармакта реформалоонун ар түрдүү баскычында тургандыгы, жана ар биринин билим алуу мүмкүнчүлүгүндө ар түрдүү тоскоолдуктар тураары билинди. Аймактын ар бир өлкөсүндө билим алуудан четтелип калган балдардын саны ар башкача. Мисалы, Тажикстанда расмий маалыматтарга ылайык, мектепке барбаган балдардын саны жалпы окуучулардын 2,5 % түзөт. Казакстанда жана Өзбекстанда 0,2%, ал эми Кыргызстанда 80 миң мектеп курагындагы балдар билим албай калган.
Аталган өлкөлөрдө өзгөчө тобокел тобуна-мүмкүнчүлүгү чектелген балдар кирет. Алардын үчтөн бир бөлүгү гана билим алып жатканы маалым.

Тегерек столдун катышуучуларынын пикиринде, билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн чектелишинин дагы бир факторлору, калктын жашоо деңгээлинин төмөндүгү, жакырчылык, паракорчулук, миграция жана балдар эмгегин колдонуунун ар түрдүү формалары болуп эсептелет.

Аймактын өлкөлөрүнүн дагы бир көйгөйү – мектепке чейинки билим берүүнүн төмөнкү деңгээли белгиленди. Мисалы, Тажикстан Кол кабыш Фондунун ”Ачык коом” эл агартуу программалар Институтунун директору Назархудо Дастамбуевдин айтымында, “Тажикстан республикасында бул тармакта кырдаал өтө начар”:

«Балдардын 7 пайызы гана мектепке чейинки билим алууга мүмкүнчүлүгү бар, албетте бул жагдай алардын орто билим алуу деңгээлине таасирин тийгизет», - деди ал.

Бул маселе Казакстанда да курч экенин, жана жалпы мектепке чейинки курактагы балдардын даярдоо топторунда болгону 5 пайызын түзөөрүн казак катышуучулары белгилешти.

Кыргызстанда жогоруда белгиленген көйгөйлөрдөн башка, акыркы убакта, мектептеги балдардын коопсуздугуна бүлүк салган фактылар айтылды.

«Көп окуучулар үчүн мектеп билим алуунун коопсуз жана ишенимдүү булагы болбой калды. Анын себеби, акыркы жылдарда бардык аймактарда жайылган мектеп рэкети болууда. Бул маселеге өлкөнүн бардык окуучулары күнүгө кабылып, опузалоо жана шылуунчулук кырсыкка айланып кеткен жагдайлар көбөйдү»,- дейт кыргызстандык катышуучу, балдардын кызыкчылыгын жана укугун коргоо боюнча коммерциялык эмес уюмдарынын биргелешкен долбоорунун менеджери Наталья Воробьева.
Воробьеванын айтуусунда, билим берүү жана ички иштер министрликтери тарабынан көрүлгөн чаралар жетишсиз болууда.

«Өзбекстанда расмий сарэсепке таянсак, сабаттуулуктун деңгээли өтө жогору, бирок, сапаттуу билим берүү жана балдар эмгегин колдонууга тыюу салуу тармактарында көп көйгөйлөр бар», - деди дагы бир катышуучу, Өзбекстандын көз карандысыз медиа-адиси Сергей Наумов.

Тажикстандагы өзгөчө көйгөй - кыздардын билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн чектелиши болуп саналат. “Жогору билимдүү айымдар” КУмунун жетекчиси Гульджахон Бобосадыкованын пикиринде, Тажикстанда орто билим алган кыздардын санынын азайышы жашоо деңгээлинин начарлашы, билимге болгон чыгашалардын өсүшү жана аялдын коомдогу жана үй-бүлөөдөгү орду жөнүндөгү салттуу көз караштарга байланыштуу болууда.

Тегерек столдун ишинин натыйжасында, катышуучулар Борбор Азиядагы өлкөлөрдөгү билим берүү тармагындагы кырдаалды оңдоо максатындагы ар тараптуу сунуштар жана кепилдемелерди иштеп чыгышты. Тегерек столдун катышуучулары келечекте бул кепилдемелерди кесиптештеринин арасына таратып, өздөрү да колдоноору шексиз.

## «Борбор Азиядагы Орто билим алуу мүмкүнчүлүгү: көйгөйлөр жана алдыдагы максаттар» аттуу аймактык тегерек столдун катышуучуларынын кепилдемелери.

Тегерек столдун катышуучулары, Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстан мамлекеттик органдардын, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдардын, Массалык Маалымат Каражаттарынын өкүлдөрү:

Орто билим берүү мыйзамынын иштөөсүнүн бүгүнкү күндөгү абалын талкуулап;

Борбор Азия өлкөлөрүнүн негизги билим берүү тармагындагы сапатсыздык менен тынчсызданып;

Негизги билим алуу мүмкүнчүлүгүндөгү терс социалдык-экономикалык факторлорду изилдеп;

Массалык маалымат каражаттарынын эл агартуу маселелерин чагылдырууда жана чечүүдөгү көмөктөштүгүнүн олуттуу ролун эске алып;

Төмөндөгү кепилдемелерди кабыл алышты:

**КАЗАКСТАН, КЫРГЫЗСТАН, ТАЖИКСТАН,ТҮРКМӨНСТАН, ӨЗБЕКСТАНДЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНА:**

- Балдардын негизги мүмкүнчүлүгүн жана укугун коргоо алар менен бирге билим берүү укугу боюнча Борбор Азия өлкөлөр ичинде парламент аралык бирикме түзүү;
- Ар бир өлкөдө билим берүү тармагындагы мүчүлүштүктөрдү оңдоо боюнча максаттуу чараларды камсыздоодо Борбор Азия өлкөлөрү тарабынан ратификацияланган жалпы билим берүү мүмкүнчүлүгү келишим боюнча эл аралык жана аймактык милдеттемелерди аткаруу анализин жүргүзүү;
- Ар бир өлкөдө жалпы билим берүү боюнча мыйзамга анализ жүргүзүп, эл аралык үлгүгө ылайыктоо;
- ӨэУдарын жалпы билим берүү тармагында мыйзамды колдонуу боюнча мониторинг жүргүзүүгө чакыруу;
- Жалпы билим берүү тутумунда казыналык каржылоону көбөйтүү;
- Жалпы билим берүү тармагында казыналык эмес кошумча инвестицияны колдонуу;
- Жалпы билим берүү тутумунда жеке каржылоонун максаттуулугун жана үзүрлүүлүгүн аныктоо жана бул түзүмдүн кабыл алынышында каржылоонун так механизмдерин иштеп чыгуу;
- Алыскы тоолуу жана талаа аймактарында инклюзивдүү билим берүү тутумун киргизүү;

- Нормалык-укуктук актылардын негизинде мигранттардын балдарынын жалпы окуу жайларына интеграциялык механизмин иштеп чыгуунун натыйжасында, мигранттардын балдарынын укугун камсыздоо;

- Мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын билим алуу укугу боюнча имараттардын техникалык жабдуусу, байланыш курулушу жана каражаттарын колдонуу, архитектуралык тоскоолдуктарды жоготуу, жана аларды окутуу боюнча усулдук окуу куралдарын пайдалануу аркылуу шарт түзүү;

- Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укугу, анын ичинде билим алуу укугун пайдаланууда шарт түзүүдө, майыптардын укугу боюнча Конвенциясын ратификациялоодо мамлекеттерге милдеттеме коюу;

- Жалпы билим берүү тутумунда басмырлоо тажрыйбасын, анын ичинде кыздардын билим алууда мүмкүнчүлүгүн чектөөнү жоюу максатында, мектеп билим берүүсүн кыздардын көп санда билим алуудан четтетилишин, аял менен эркектин ролу жана милдеттемелери боюнча түзүлгөн көндүмдү сын көз караш менен кайра иштеп чыгуу;

- Аз улуттун тилинде сабак берүүчү мугалимдерди даярдоо аракеттерин күчөтүү, ал тилде окуу китептеринин санын көбөйтүп чыгаруу. Окууга даярдоо максатында даярдоо класстарын түзүү, окуу тили эне тилде болбогон аймактарда мектепке чейинки билим берүүнү кеңейтүү;

- Балдар үчүн формалдуу эмес билим берүүнүн өрчүшүнө жана бош убакты уюштурууга көп көңүл буруу;

- Жалпы билим берүүнүн сапатына таасирин тийгизген контекстүү факторлордун анализин жүргүзүү;

- Балдар эмгегин колдонууга каршы чараларды колдонууну улантуу, өзгөчө алардын эң начар формаларын билим берүү тутумун мыктылоо, билим алууда кемчилиги бар балдарды табуу механизмин иштеп чыгуу жана аларды окутууда шарт түзүү (туулгандыгы жөнүндө күбөлүксүз, 63 формасыз, жашаган жерге каттоосуз окууга кабыл алуу, теңдөө класстарын ачуу); үй-бүлөө жана эмгек тууралуу кодексти бузгандыгы үчүн жашы жете элек балдардын эмгегин колдонгон адамдарды жоопкерчиликке тартууну күчөтүү аркылуу;
- Мугалимдердин кесибинин кадырын жана ролун көтөрүү жана жаш иш билги мугалимдерди тартуу, алардын иштөө сапатын жогорулатып өбөлгөлөө максатында каражат жана материалдык абалын анализдөө;

- Мектепке чейинки билим алуу мүмкүнчүлүгүн, өзгөчө колунда жок үй-бүлөөлөрдө, ата-эне үчүн баласынын эрте куракта билим алуунун, өөрчүүнүн зарылдыгы тууралуу маалымдалуусун жогорулатуу жана бул тармакта формалдуу эмес коомдук механизмдерди көбөйтүү жана демилгелөө, эрте балалыгында ар тараптуу өөрчүү планын иштеп чыгуу;

- Жеке атуулга эл аралык деңгээлде экономикалык, социалдык, маданий коргоо мүмкүнчүлүгүн тартуулаган экономикалык, социалдык, маданий укук жөнүндө Эл аралык пакттын Кошумча протоколун ратификациялоо;

- Адам укугу боюнча улуттук институттарга билим берүү мүмкүнчүлүгү боюнча активдүү мониторинг жүргүзүү, ал маалыматты жылдык докладдарга киргизип, андан башка коомчулукту ММКлар аркылуу маалымдоо;

- ММКлар менен активдүү шериктешип, билим берүү маселелерин объективдүү чагылдыруусун министрликтердин жана тектеш мекемелердин пресс-борборлорунун жана жергиликтүү деңгээлде коомчулук менен байланышуудагы жооптуу адамдардын активдештирүүсүнүн, брифинг, пресс-конференция, пресс-релиздер аркылуу үзгүлтүксүз маалымат таратуунун натыйжасында камсыздоо;

- Борбор Азия өлкөлөрүнүн билим берүү министрлигинин алдында “билим берүү” журналистикасынын өнүгүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу.

**ӨКМӨТТҮК ЭМЕС УЮМДАРГА:**

- Мүчүлүштүктөрдү жоюу жана аларды аткарууда максаттуу чараларды камсыздоо үчүн, негизги билим берүүгө караштуу Борбор Азия өлкөлөрү ратификациялаган келишимдерден чыккан Эл аралык жана аймактык милдеттемелерди аткаруусу боюнча мамлекеттик органдар жана эл аралык уюмдар менен бирдикте анализ жүргүзүү;

- Эл аралык үлгүгө жакындаштыруу максатында негизги билим берүү мыйзамын анализдөөгө катышуу;

- Жалпы билим тармагындагы мыйзам чыгаруу жана аны колдонууда мониторинг жүргүзүү;

- Негизги билим берүү тутумун каржылоо үчүн Мамлекеттик органдардын казыналык эмес кошумча инвестицияны табуусуна көмөктөшүү;

- Инклюзивдүү билим берүүнү киргизүү боюнча мамлекеттик органдардын аракеттерине көмөктөшүү;

- Мамлекеттик органдар менен бирдикте мектеп билим берүүсүн кыздардын көп санда билим алуудан четтетилишин, аял менен эркектин ролу жана милдеттемелери боюнча түзүлгөн көндүмдү жоюу максатында стратегия иштеп чыгуу;

- Мамлекеттик тутумдар менен бирдикте формалдык эмес билим берүү мекемелеринин түзүмүн өөрчүтүүнү улантуу;

- Балдар эмгегин колдонууну, өзгөчө алардын эң начар формаларын түп тамыры менен жоюуда мамлекеттик органдага көмөк көрсөтүү, балдар эмгеги боюнча мониторинг долбоорлору аркылуу балдар эмгегинин колдонулушу жөнүндө мамлекеттик органдарды маалымдоо, билим алууда кемчилиги бар балдарды табуу жана аларды билим берүү мекемелерине кайтарууга көмөктөшүү;

- Универсалдуу Үзгүлтүксүз Сереп жана БУУнун адам укугу боюнча комитеттерине атаандаш баяндоо аркылуу негизги билим берүү жана балдар укугун коргоо тармагындагы кырдаалды жалпы коомчулукка маалымдоо;

- Жалпы билим берүү тармагына коомчулуктун көңүлүн буруу максатында үгүттөө компанияларын жана акцияларын жүргүзүү;

- Борбор Азия өлкөлөрүндө билим берүү тармагындагы жетишкендиктерди жана орчундуу маселелерди сапаттуу жана так чагылдыруу үчүн билим берүү темасында журналисттер менен үйрөтүүчү семинар, машыгууларды жана башка иш-чараларды жүргүзүү;

- ММКлардын активдүү катышуусунда, сапаттуу жалпы билим берүү укугунун сакталышы боюнча билим берүү мекемелеринде үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү.

**ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАРГА:**

- Балдар укугун коргоо тармагында Борбор Азия өлкөлөрүндө парламент аралык байланыштын түзүлүшү жана иштөөсүн колдоо мүмкүнчүлүгүн караштыруу;

- Мүчүлүштүктөрдү жоюу жана аларды аткарууда максаттуу чараларды камсыздоо үчүн, негизги билим берүүгө караштуу Борбор Азия өлкөлөрү ратификациялаган келишимдерден чыккан Эл аралык жана аймактык милдеттемелерди аткаруусу боюнча мамлекеттик органдар жана эл аралык уюмдар менен бирдикте анализ жүргүзүүсүндө Борбор Азия мамлекеттерине колдоо көрсөтүү;

- Эл аралык үлгүгө жакындаштыруу максатында негизги билим берүү мыйзамын анализдөөдө Борбор Азия өлкөлөрүнө колдоо көрсөтүү;

- Негизги билим берүү тутумун каржылоо үчүн Мамлекеттик органдардын казыналык эмес кошумча инвестицияны табуусун демилгелөө;

- Инклюзивдүү билим берүүнү киргизүү боюнча Борбор Азия өлкөлөрүнүн аракеттерин колдоо жана өбөлгөлөө;

- Кыздардын көп санда билим алуудан четтетилишин, аял менен эркектин ролу жана милдеттемелери боюнча түзүлгөн көндүмдү жоюу максатында стратегия иштеп чыгуусун демилгелөө;

- БА өлкөлөрүндө балдар эмгегин колдонууну жоюу боюнча мамлекеттик органдар менен ӨэУ аракеттерин колдоо;

- Билим берүү тутумун мыктылоо үчүн билим берүү долбоорлоруна бөлүнгөн каражаттарды даректүү жумшоо;

- Сапаттуу жалпы билим берүүнү мониторингден өткөрүүдө ӨэУлардын жана ММКлардын катышуусун өбөлгөлөп, долбоорлорду ишке ашырып, атаандаш баяндамаларды колдонууну сунуштоо;

- БА өлкөлөрүндө мамлекеттик органдар ӨэУлар, ММКлардын ортосунда биргелешкен мониторинг жүргү-зүү жана жалпы билим берүүнү чагылдыруу максатында карымкатнашка көмөктөшүү;

**МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫНА ЖАНА МЕДИА АДИСТЕРГЕ:**

- Балдар укугун коргоо, анын ичинде жалпы билим алуу мүмкүнчүлүгү тууралуу укук маселелерин ММКларда чагылдырган темага тутумдуу мамиле кылуу;

- Атайын "билим берүүчү" журналистиканын өнүгүшүн өбөлгөлөө;

- Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар, мигранттардын балдары жана кыздардын билим алуу мүмкүнчүлүгүн айгинелеген маселелерди активдүү чагылдыруу;

- Мектептин жашоосунда активдүү катышуусун демилгелөө максатында жергиликтүү коомчулукту, алардын ичинде ата-энелерди колдоо боюнча үзгүлтүксүз жана ар тараптуу маалымат кампаниясын ишке ашыруу;

- Жалпы билим берүү темасы боюнча ММКларда атайын рубрика түзүү;

- Балдардын укугу, анын ичинде билим алуу мүмкүнчүлүгү боюнча темаларды чагылдырууда журналисттик этика эрежелерин сактоо;

## «Заманбап дүйнөдө адамдын универсалдуу укугу жана эркиндиги менен исламдагы адамдын укугу жана эркиндигинин катышы» аттуу ачык лекция

*Ош, 17-март*

ЎОш мамлекеттик университетинде саясат таануу жана ислам изилдөөлөрүнүн доктору Кадыр Маликовдун «Заманбап дүйнөдө адамдын универсалдуу укугу жана эркиндиги менен исламдагы адамдын укугу жана эркиндигинин катышы» аттуу ачык лекциясы өттү.

Маликов мырзанын пикиринде, бардык дүйнөлүк диндердин ичинен Ислам мамлекет жана укук менен тыгыз байланышта. Исламдын тегинде коомду куруу негиздери камтылгын. Бул өз кезегинде ислам мамлекетинин пайда болушуна алып келген, анын борборунда мусулмандык укук турган.

Мусулман укугунда адам укугунун нормаларынын өзгөчө сырбелгиси байкалбаганы менен, адам укугу ислам саясий үлгүсүнүн негизги бөлүгүн түзөт. Адам укугунун нормалары мусулман укугунун булагы Куран, Сунна, бирдей пикирдеги белдүү укук коргоочулардын (иджма), жана окшош ой толгоолор (кийас) бар.

Лекция угуучулардын бири, студент кыз Айгүл лекциянын пайдалуулугун баса белгиледи, анткени ислам анын турмушунда чоң мааниге ээ. Студент мусулман укугунун көп багыттары бизде чала колдонулаарын айтты.

Лекциянын дагы бир угарманы Исламбек Азиз уулу, исламдык укуктук нормалар жөнүндө эчак билээрин айтты. Адам укугу боюнча Ислам айкындамасы Шариат, Куран, Суннанын негизинде жазылганы ал үчүн ачылыш болгонун студент жигит билдирди. Исламды калкка жаюу максатында азыркы шартта кесипкөй иш билги адистерди даярдоо зарылдыгы пайда болду. "Андыктан бул лекция мага кызыктуу болду",- деп кошумчалады Исламбек.

Бул Европалык Кеңештин колдоосунда, британдык Согуш жана тынчтыкты чагылдыруу Институтунун (IWPR) «Борбор Азиядагы ММКлар аркылуу

адам укугун коргоо жана укук коргоо боюнча агартуу» долбоору тарабынан даярдалган Кыргызстандагы төртүнчү ачык лекция болду. Мурунку лекциялар Ишенбай Абдуразаков, Кадыр Маликов жана ЖК депутаты Гүлжамал Султаналиеванын катышуусунда өткөнүн эске сала кетсек.

Кадыр Маликов саясат таануу жана ислам изилдөөлөрү боюнча докторлук даражасы бар (араб, ислам жана борборазиялык изилдөөлөрдүн департаменти, Мадрид университети, Испания) жана Иордан улуттук университетинин Ислам укугу факультетинин бүтүрүүчүсү (Иорданиянын Хашимит падышалыгы) болуп эсептелет. Ал жерден магистр даражасына татыктуу болгон. Complutense de Madrid (Испания) университетинин коопсуздук жана эл аралык байланыш Борборунун Тирешүү боюнча атайын курсун аяктап, ислам маселелери боюнча көптөгөн илимий жана аналитикалык макалалардын автору болуп саналат.

## Негизги билим алуу мүмкүнчүлүгү боюнча Парламенттик угуулар

*Бишкек, 16-март*

Бишкекте «Кыргыз Республикасындагы балдардын билим алуу укугу боюнча мыйзамдын сакталышы жана ишке ашуусу» аттуу парламенттик угуулар өттү. Иш-чаранын уюштуруучусу ПРООН, ЮНИСЕФ, БУУнун адам укугу боюнча жогорку комиссариаты, Согуш жана тынчтыкты чагылдыруу (IWPR) жана ОБСЕнин колдоосунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши болду.

Угуудагы талкуу негизги билим берүүдөгү балдардын конституциялык укугун камсыздоосуна арналды.

Былтыркы жылдын июнь айында КРнын билим берүү тармагында мыйзамдуулукту сактоо жана аны ишке ашыруусун изилдөө боюнча Убактылуу депутаттык комиссия түзүлүп, ага Парламенттин депутаттары: Г. Султаналиева, А. Байбураева, И. Жунусов, Ж. Каниметов, И. Карамушкина, Ж. Рахимидинова кирди.

Парламенттик угууларда комиссиянын төрт айлык ишинин жана 31 мектептин абалын текшерүүнүн натыйжасы сунушталды. Парламенттик угууларга Кыргызстандын аймактарында бул темадагы IWPR уюштурган тегерек столдордун утурлашы түртүк болду.

КР парламентинин депутаты, Коммунисттер фракциясынын мүчөсү жана КРда балдардын билим алуу укугунда мыйзамдуулукту сактоо жана ишке ашырууну изилдөө боюнча Убактылуу Комиссиясынын төрайымы Гүлжамал Султаналиева парламентарийлер баланын акысыз билим алуусу боюнча конституциялык укугун сактоону максат катары коерун билдирди.

Эл аралык уюмдардын эсеби боюнча Кыргызстанда 2009-жылы 40 миңден ашуун бала мектепке бар. Адистер анын бир нече себебин санап өтөт. Негизгиси мамлекеттик каржылоонун, республикадагы окуу жайларынын жетишсиздигин белгилеп өтүштү.

Убактылуу комиссия парламенттик угууларга төмөнкү маалыматтарды тааныштырды: КР билим берүү тармагына 2010-жылы казыналык чыгымдын үлүшү 7191 миллион сомду түздү. Бул ИДПнын 3 пайызы болот. Ошол эле учурда расмий бийлик акыркы үч жыл ичинде билим берүүнү каржылоо үч эсе өскөнүн билдирген.

Окуу жайларынын санын алсак, КР билим берүү жана илим Министрлигинин мектепке чейинки, мектеп жана мектептен тышкаркы билим берүү Башкармалыгынын маалыматы боюнча, борбордо эле жыйырма мектеп жетишпейт, ага ички миграциянын эсебинен Бишкектин калкынын көбөйүшү себеп болду.

Убактылуу депутаттык комиссиянын өкүлдөрү Кыргызстандын миңдеген балдарынын билим берүү тармагы менен камтылбай калышына окуу жайларына кирүү мүмкүнчүлүгү жана эркин тандоонун принциптерин бузган бир нече факторлор себептүү экенин атап өттү. Алардын арасында кээ бир мектептерге бирдиктүү окуу формасынын киргизилиши, көп мектептерде бир нече жылдан бери көнүмүш болуп калган (өзгөчө Ош жана Бишкек шаарларында) мыйзамсыз “мектепке кирүү” экзамендеринин жана тестирлөө түрүндө сынактардын жүрүшү, Билим алуу мүмкүнчүлүгүнө тоскоол болгон дагы бир бөгөт - КР мыйзамынын “Билим алуу жөнүндөгү” 3-беренесине карама-каршы болгон, мектепке кабыл алууда жашагандыгы тууралуу каттоо мөөрүн талап кылуу.

Убактылуу комиссия мектепке кирүүгө акы суроо фактыларын дагы далилдеп чыкты. Ал 2500 сомдон 600 долларга чейинки сумманы түздү. Бул көрүнүш өзгөчө Бишкек, Ош шаарларында жана Чүй областында көп катталган. Жалпы билим берүү мекемелердин өз кызматы үчүн сурап жаткан пул акысы көп учурларда ал микроаймакта жашаган ата-эненин мүмкүнчүлүгүнө туура келбей, балдарын мектепке киргизе албай калат. Ошол себептен алар кызматын төлөөгө дарманы жете турган мектеп издей баштайт.

Парламенттик угуулардагы талкуулардын натыйжасында окуу жайлардагы билим берүүдөгү акы төлөө кызматы, мектеп алдында Көзөмөл кеңештерин, андан тышкары өлкөдө алгач эксперимент түрүндө билим берүү кызматын жеке каржылоо түрүн түзүү сунушталды.

Парламенттик угуулардын катышуучулары - мыйзам чыгаруу жана аткаруу органдарынын, билим берүү тутуму жана өкмөттүк эмес уюмдардын, жалпы коомчулуктун өкүлдөрү жогоруда аталган маселелер боюнча өз пикирин айтып өттү.

Окуу мекемелеринин бир катар өкүлдөрү азыркы шарттарда мектептер кошумча демөөр каражат издөөгө мажбур экенин белгилеп кетти. Бирок парламенттик угууда КР вице-премьер-министри Тажикан Калимбетова белгилегендей, мектеп ичинде ата-энелерден түшкөн каражатты колдонгон Коомдук фонддорунун түзүлүшү мыйзамга сыйбайт, анткени мектеп мамлекеттик мекемелердин катарына кирет.

Өз кезегинде парламентик угуулардын дагы бир катышуучусу, КР илим жана билим берүү министри Абдылда Мусаев: “Кээ бир мектептерде айрым мыйзам бузуулар болушу мүмкүн. Бирок биз аны жалпылап, билим берүү тармагына мүнөздүү тутумдуу көрүнүш деп айта албайбыз. Биз териштирип, мектепке кирүү жоболорун кайра иштеп чыгып, балдарды мектепке кирүүдө окуу укугун бузуп, мүмкүнчүлүгүн чектебегендей чара колдонушубуз керек”,-деди.

Мусаев: «Азыр базар мамилеси, ал эми социалисттик түзүлүш тарыхта калды, эгер толугу менен коммерциялык билим берүү кызматына тыюу салынса, анда билим берүү тутумунан айрылып калышыбыз мүмкүн»,- деп кошумчалады.

Жолугушууну жыйынтыктап жатып, Гүлжамал Султаналиева, кызыккан тараптар жалпы билим берүү тармагындагы кырдаалды оңдоо боюнча Убактылуу депутаттык комиссиясына өз кепилдемелерин сунуштаса болоорун билдирди. Жакында парламенттик угуулардын кепилдемелери Жогорку Кеңештин кароосуна өтөт.

## «Укук коргоо журналистикасы» боюнча тренинг

*Душанбе, 12-13-март;*
*Худжанд, 15-16-март*




IWPR уюштурган семинарда ММКларда укук коргоо тематикасын чагылдыруунун өзгөчөлүгүнө 35 башталгыч жана тажрыйбалуу журналист катышты.

Машыктыруучу, MediaNet казакстандык Эл аралык журналистика борборунун директору Вячеслав Абрамовдун айтымында, укук коргоо журналистикасы азыр эки түргө бөлүнөт: классикалык эл аралык үлгүдөгү маалыматтоо жана “тазалык журналистикасы”. Мындай шарттуу аталыштын аныктамасы мындай: ачык-айкын адамдын укугун бузуу тууралуу материалды башка тараптын (мамлекеттик органдын) пикирисиз чагылдыруу.

Семинардын жүрүшүндө журналисттер адам укугун коргоонун айрым механизмдери менен таанышты. Бул темаларды прессада чагылдырууда көп тараган каталарды талдап чыгышты. Укук коргоо маектерин түзүү, журналисттик иликтөө чеберчилигин изилдешти.

«Тренинг биз үчүн абдан пайдалуу болду», - деди Хорогдон келген семинардын катышуучусу Хосият Худоербекова. – «Бул темалар биздин коомго жана журналисттерге абдан кызык. Мен мындай тренингден үйгө кайткanda, кесиптештерим жаңылыктар менен бөлүшүүнү суранышат. Ал жерде мен үйрөнгөн мындагыдай мини-тренингдерди өткөрүүгө туура келет»,-деди.

Худжандда өткөн семинардын катышуучусу Фаррух Ахроровдун айтымында, тренинг чындыгында эле өтө пайдалуу болду:

«Көп учурда журналисттер баарын билебиз деп ойлойт. Ал эми бул долбоордон соң  журналистикага юридикалык көз караш менен караганы эң жакшы», - деди ал.

.

## Маалымат мүмкүнчүлүгүн камтыган маселелер боюнча адистердин фокус-тобу

*Алматы, 26-март*



Алматыда ПРООН, IWPR, Казакстан Медиа Альянс, Улуу Британия Элчилиги тарабынан уюшулган,  Маалымат мүмкүнчүлүгүн камтыган маселелер боюнча адистердин фокус-тобу өттү.

Иш-чаранын максаты- мыйзамды мыктылоо боюнча маалымат алуу жана кепилдеме берүүдө мамлекеттик органдарга жарандардын кайрылуусундагы күрдөөлдүү маселелерди талкуулоо.

Иш-чарага КР Парламентинин депутаты Жакип Асанов, прокуратура жана башка мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, журналисттер, ӨэУлардын, эл аралык уюмдардын адистери жана мүчөлөрү катышты.

Депутат Асанодун пикиринде, мамлекеттик органдарды курч көзөмөлгө алуунун негизги куралы, 2011-жылы кабыл алынууга даярдалып жаткан “Маалымат мүмкүнчүлүгү жөнүндө” мыйзам болчудай. Жакип Асанов бул мыйзамды быйыл эле кабыл алууга мүмкүнчүлүк жана зарылдык бар экенин билдирди.

ӨэУлардын адистери, коомдук диалогду бекемдөөгө, өткөрүлгөн иш-чаранын маанилүүлүгүн белгилеп, маалымат мүмкүнчүлүгүнүн эң негизги көйгөйү деп, маалыматтын сапатсыздыгын жана калк менен иштешүүдө кабарчылардын төмөнкү кесиптик деңгээлин айтып өтүштү.

Пландаштырылган мыйзамдын тегерегиндеги талкуу активдүү болду. Көп адистер мамлекеттик органдарды мыйзамдагы – тергөө сыры, коммерциялык жана мамлекеттик сыр аттуу чектөөлөрдү эпсиз колдонууга мүмкүнчүлүк бербеген бир түрдүү формулировкаларды так жазып чыгууну бир ооздон сунуш кылышты.

Өзгөчө “жабык кызмат нускамалар” жана маалымат, анын ичинде нормалык-укуктук актылар үчүн акы төлөө тартиби активдүү талкууланды.

Маалымат мүмкүнчүлүгү боюнча мыйзамды мыктылоодо негизги кепилдемелер мыйзамдагы маалымат мүмкүнчүлүгүндө чектөөлөрдүн тизмесин тактоо, кеңири сөз кылуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган түшүнүк аппаратын, маалымат берүү тартибин регламенттеген, сапатсыз маалыматты, мамлекеттик органдарынын жана коомдук маанилүү уюмдардын башка аракеттерин/аракетсиздигин айгинелөөгө мүмкүндүк берген механизмдин түзүлүшү сунушталды.

«Маалымат мүмкүнчүлүгү жөнүндө» мыйзам долбоору Казакстан Парламенти тарабынан быйыл каралууга пландаштырылды.

### Журналисттер үчүн укук коргоо темасын чагылдыруу боюнча машыгуулар

*Алматы, 2-3-март*

IWPRдин Казакстандагы өкүлчүлүгүндө журналистер үчүн укук коргоо темасын чагылдыруу боюнча машыгуулар өттү.

Машыгууларды адам укугун коргоо жана мыйзамдуулукту сактоо боюнча Казакстан эл аралык бюросунун монито-ринг редактору, белгилүү казак журналисти Андрей Гришин жана IWPRдин Казакстандагы Өкүлчүлүгүнүн мүдүрү Ольга Досыбиева өткөрдү.

Тренингдин жүрүшүндө анын катышуучулары, жаш журналисттер жана журналистика факультеттеринин студенттери Казакстандагы адам укугу тармагындагы негизги маселелер, укук коргоо журналистикасынын максаттары жана милдеттери, анын кесиптеги башка багыттардан өзгөчөлүктөрү, артыкчылыгы, кемчилиги, кооптуулугу, тоскоолдуктар, укук коргоочу журналисттердин өзгөчө мартабасы менен таанышты.

Машыгуулардын маанилүү бөлүгү укук коргоо журналистикасынын түрлөрү, мисалы, жоголуп бара жаткан, бирок салттуу түрдө “адистиктин туу чокусу” деп эсептелген журналисттик иликтөө жанрына арналган.

Машыктыруучулар укуктук аспектилер-мыйзамдын эл аралык, жергиликтүү ченемдерине, алардын ылайыктуулугу жана ылайыксыздына көп көңүл бурушту.

Казак мыйзамынын кайсы ченемдери журналисттер жана аларга каршы иштээрин кылдаттык менен талдашты. Акыркыларга казакстандык укуктун эски көйгөйлөрү – жалаа жабууга каршы кылмыш жазага тартуу, доомат коюнун чектелбеген мөөнөтү жана өлчөмдөрү кирет.

Жигердүү фрилансерлердин бири Андрей Гришиндин пикиринде укук коргоо журналистикасы кадыресе ММКлардын тандамал тармагында гана пайдаланылгандыктан, тренингдин катышуучуларын бул тармакта иштөө мүмкүнчүлүктөрү менен тааныштыруу абзел.Андыктан тренингдин катышуучулары укук коргоо материалдарына кызыкдар болгон артык басылма жана онлайн-ММКларынын тизмесин түзүштү.

Укук коргоо темасын чагылдырган ММКлардын негизги бөлүгү Казакстанга тиешелүү  болбогондуктан, машыгуулардын жүрүшүндө бири-биринен бир топ айырмаланган жергиликтүү жана чет элдик ММКлар тарабынан жеткирүү ыкмалары териштирилди.

Андан тышкары катышуучулар окурмандардын назарын буруу максатында кызыктуу темага жаңы сыр-боек берүүнү издөө ыкмаларын баяндоодо ӨэУлардын адистеринин, мамлекеттик түзүмдөрдүн, кесиптештеринин маалымат булактары менен таанышты.

Машыктыруучулар укук коргоо журналистикасынын маанилүү  аспекти-кесипкөй этикасына жана коопсуздукка өзгөчө кайрылышты. Белгилүү болгондой ар түрдүү акция, митинг, сот  жараяндарын чагылдыра турган журналисттер үчүн атайын жоболору бар.

Укук коргоо темасын чагылдырууда жабыркаган тараптын кырдаалын начарлатып жибербөө максатында, кагылышууну эскалациялоо - бул жана башка маанилүү түзүүчүлөрү тренингдин айрым сессияларын түздү.

Кээ бир катышуучулар үчүн тема жаңы болуп, кесиптик сырлар алар үчүн чоң ачылыш болду. Тренингдин жүрүшүндө журналисттер өздөрүнүн келечектеги материалдары боюнча план иштеп чыгышты.

# АКТУАЛДУУ МАЕК

## НИГИНА БАХРИЕВА:
## Тажик укук коргоочулары тарыхый жарандык согушту эске салып, бийликке болгон нааразычылыгын көчө акциялары аркылуу эмес, диалог түрүндө чечүүнү туура табышты.



*Белгилүү тажик укук коргоочу Тажикстандагы укук коргоо кыймылынын көйгөйлөрү жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө маек курат.*

**IWPR**: Расмий ММКлардын берүүсүндө КМШ өлкөлөрүнүн баарында укук коргоо уюмдары бийликтин олуттуу сынчылары, оппоненттери катары эмес, жеңил-желпи жаңжалчы имиджде мүнөздөлөт. Сиздин оюңузда, эмне үчүн КМШ мамлекеттеринде укук коргоочуларды сүйүшпбөйт?

**Нигина Бахриева:** Мурунку Союздун кайсы өлкөсү жөнүндө кеп болуп жатканын билип, бул суроого ар түрдүү көз караштa мамиле кылса болот. КМШ өлкөлөрүнүн баарында эле укук коргоо кыймылына бирдей мамиле кылынат деп айтпайт элем.

Ал өлкөдө укук коргоо кандайча пайда болгонуна байланыштуу болот. Мисалы, Россияда биринчи укук коргоочулар - муруңку саясатчылар болгон. Укук коргоо ишкердигине алар такыр

башка көз караште. Алар демократия, адам укугуна байланыштуу негизги маселелерди саясий деңгээлде жылдырууга аракет кылган.

Ага байланыштуу, Россияда укук коргоо кыймылы жаңыдан түзүлүп келе жаткан алгачкы жылдары саясатка көп кайрылышкан. Азыр Россиядагы укук коргоочулардын ишкерлиги чектелип, бирок иш билги болуп калды. Аларды олуттуу оппонент эмес деп атоо кыйын, анткени алардын адам укугун коргоо тармагындагы изилдөөлөрү жана билдирүүлөрү өтө олуттуу. Аны өкмөт жана мамлекет кандай кабыл алып жатат, бул башка маселе.

Украинадагы жана Грузиядагы укук коргоо кыймылы тууралуу айтуу кыйын: ал абдан жигердүү, бирок бул өлкөлөрдө, менимче, оор маселелер бар.

Кыргызстанда укук коргоочулар айкындыкка тартылышат. Андыктан ар түрдүү акция: митинг, пикет, коомдук талкуулар абдан өөрчүгөн. Мамлекеттик бийлик органдарынын алдындагы абдан көп топтор өз көз карашын сактап калууга аракеттенет.

Бир убакта бул Кыргызстандагы адам укугун коргоо: сотто коргоо, эл аралык мүнөздөгү коргоо механизмдерин аз колдонуунун себеби болду.

Бирок, акыркы убакта кырдаал теңделип калды. Мисалы, менин бир топ кесиптештерим стратегиялык сот талаш-тартыштарын колдонуп, өлкөдөгү мыйзамдын иштешин талап кылышат. Сөзгө аралжы, бардык өлкөлөрдүн көйгөйү - иштебеген мыйзамдар.

Тажикстанда укук коргоо калыс жана тынч мүнөздө. Бул этапта ал акталат. Тажикстанда өкмөттүк эмес сектордун өнүгүшүнүн бир нече этабы бар.

Биринчи толкун, мурунку Союздун башка өлкөлөрүндөй эле башталган. Көз карандысыздыкты кабыл алганы өлкөдөгү саясий жигердүүлүктүн өсүшү менен коомдук-саясий кыймыл түрүндөгү уюштуруу-укуктук формадагы коомдук уюмдар пайда болду.

Ал учурдагы коомдук уюмдарга ишкердигин саясатташтыруу мүнөздүү болгон. Коомдук уюмдар өлкөдөгү саясий кыймылдын тарабын кабыл алып жатып, бийлик үчүн саясий күрөшкө жигердүү аралашып, антогонисттик мүнөзгө ээ болду.

Натыйжада, алардын баары 1992-жылдын аягында аракет мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган. Ал эми кээ бирлеринин ишкерлиги токтотулуп, же ( коомдук уюмдун жободогу ишкердигине төп келбеген деген мааниде) тыюу салынган.

ӨэУлардын экинчи этабы 1992-1997-жылкы жарандык согушка туура келди. Бул мезгилдеги өкмөттүк эмес уюмдар эл аралык соопчулук уюмдардын жардамы аркылуу түзүлгөн. Бул уюмдардын ишкерлигинин негизги түрлөрү - калкка соопчулук жардам таратуу, өзгөчө жугуштуу оорулары менен күрөшүү (келте, безгек), тажик качкындарынын жана аргасыз көчүп кеткен адамдарды, жарандык согуш убагындагы дайынсыз жоголуп кеткен адамдарды өлкөгө кайтаруу менен алектенишкен.

Ал мезгилде, өлкөдө каатчылык болгондуктан бул аракеттерди актаса болот. Ал эми андагы жалгыз маселе жашоо үчүн күрөш болгондуктан, адам укугу тууралуу кеп кылуу абдан кыйын эле.

Өлкөдө укук коргоо кыймылынын жигердүүлүгү 2000-жылдан баштап байкалды. Биринчи укук коргоо уюмдары негизинен юридикалык жардам көрсөтүү жана билим берүү программалары менен алектенген. Негизинен өлкөдө кембагалдардын укугун коргоо боюнча юридикалык кабыл алуучу кеңеш берүү бөлүмдөрү ачылып, иштей баштаган.

Аны менен бирге аялдардын, балдардын укугун коргоочу уюмдары таралган. Биздин укук коргоонун жана өкмөттүк эмес уюмдардын мүнөздүү белгиси - көп уюмдар эл аралык уюмдардын алдында түзүлгөн. Алар жетишээрлик деңгээлде өз алдынча болгон эмес. Үзгүлтүксүз каржылоо болуп, сен үчүн ойлонуп, долбоору даяр болсо, сен аткаруучунун ролун аткарсаң - келечек стратегиясы, дараметиңдин жогорулашы жөнүндө ойлонуу өтө кыйын.

Өлкөдө укук коргоо кыймылынын жана өкмөттүк эмес секторунун начарлыгынын себебинин бири ушул эле. Бирок, кийинчерээк жаңы уюмдар пайда болуп, кесипкөйлүгүбүздүн деңгээли жогорулады. ӨэУлардын дараметин мыктоого багытталган: долбоор жазууну үйрөтүүчү, аларды ишке ашырууга каражат издөөгө багыттылган абдан көп долбоорлор жана программалар түзүлгөн. Бирок, тутумдуу кырдаалды өзгөртүү үчүн ал тажрыйбаны колдонууну эч ким үйрөткөн эмес.

Азыр Тажикстанда укук коргоо аналитика деңгээлине чыга баштады. Мында олуттуу маселелер бар, анткени өлкөнүн кудурети али жетпейт. Гендер, ММКлар, адам укугу тармагындагы адистердин аздыгынан манжалап санап койсо болот.

Эгер биздин мамлекетте өтүп жаткан иш-чараларды байкап көрсөңөр, ошол эле адамдар катышат. Бирок, мындай кырдаал биздин бардык эле өлкөлөрдө түзүлгөн. Адистердин тобу абдан аз санда. Бир четинен, аналитиктердин белгилүү тобунун бар экендиги жакшы, бирок ал топтун кеңейиши шарттуу, анткени маселелер адистерге караганда тез көбөйөт.
Донор жана эл аралык уюмдар жарандык коомдун аналитикалык дараметин мыктылоо демилгеси жөнүндө сөз кыла баштады. Биз улам эле эл аралык кеңешчилерди чакырып, аналитикалык документтерди түздүрө албайбыз. Биз өзүбүз үйрөнүүбүз керек. Бул арзан да, үзүрлүү. Анткени биздин адис кырдаалды ичинен билет.

Биздин бийликти жактап кетсем, алар жарандык коомдор менен иштешүүгө даяр. Иш-чараларга, жумушчу жолугушууга, тегерек столго маселени талкуулоого үзбөй келип турушат. Бирок, бул ийгиликке алып келбегендей туюлат. Көп учурларда жумушчу жолугушуу бүтөөрү менен калганынын баары бүтөт. Бир жагынан өзүбүздүн аягына чыкпаганыбыз билинет, дагы бир жагынан чечим кабыл алууга саясий эркибиз жетпейт. Биздин өлкө "Суу - ташты майдалайт" принциби менен иштейбиз. Убакыт өткөнү биз өзгөрүүлөргө дуушарт болобуз.

**IWPR:** Бүгүнкү күндө Тажикстан укук коргоочулары өз милдеттерин аткарып жатабы? Биздин өлкөдө бул кыймылдын кандай өзгөчөлүктөрү бар?

**Бахриева:** Укук коргоо тармагында мыкты адистерибиз көп. Мисалы, адам укугун коргоо жөнүндө айтсак - юристтер. Бирок, укук коргоочу юрист болбой койсо деле кечиримдүү. Ал адам укугун коргоо суроолорун мыкты билсе жетиштүү.

Биздин укук коргоо кыймылынын тарыхый эскертмеси - жарандык согуш. Андыктан биз айкын акцияларга, айкын кайрылууларга өтө абайлап мамиле кылабыз. Элдик толкундоолорго алып келе турган аракеттер биздин укук коргоочулар тарабынан кабыл алынбайт. Эгер ал жок болсо, атаандаш чараларды издөө керек. Биздин учурда - маек. Сүйлөшүү аракеттери узак, бирок абдан үзүрлүү процесс.

Бул жерде өз көз карашыбызды сактоого күчүбүз жетпейт. Кээде биз өз ишкерлигибизди жакшы баштай-

быз. Эсиңерде болсо, маалымат мүмкүнчүлүгү, коомдук, диний уюмдар тууралуу мыйзамды талкуулоо аракеттери болгон.

Башы дайыма жакшы. Анализ жасап, талкуулашат. Кийин "Андан ары, натыйжада кандай мыйзам болот?" деген суроого жооп жок калат. Бул процессти парламентте көзөмөлдөп, депутаттар менен жолугуп, мыйзамдагы айрым маселелер бар экенин далилдеп, аны өзгөртүүгө тырышуу абзел. Бирок ал жок, биз аягына чыкпай жатабыз.

**IWPR:** Ал эмнеге байланыштуу?

**Бахриева:** Менимче, көбү бийлик менен тирешкиси келбейт. Өкмөт менен биргелешкен долбоорлор бар, алар буулуп калууну каалабайт. Дагы бир жагынан өзүнүн тууралыгын далилдөө үчүн жүйө-билими жетпегендей сезилет.

Бизде адвокация, жараяндык көз караашта мыйзамды алдыга жылдыра турган уюмдар өтө аз. Ал үчүн бир тегерек стол аздык кылат. Тегерек стол алдыга анча жылдыра албайт. Кепилдемелерди баалоо, анализдөөдөн баштап жолугушууларды өткөрүү, парламенттик угууларды демилгелөөгө чейин үйрөнүү керек. Бизде мен айткан угуулар өткөн эмес.

Бир тегерек столдо депутаттардын бири: "Силер мыйзамдардын эришаркактыгынын жоктугуна, начар иштешине даттанып жатасыңар. Андан көрө эмне кылуу керектигин айтсаңар боло? Биз мыйзамды бир нече жолу басмага берүү аракеттерин кылып, силер тараптан эч кандай чечмелөө ала албадык",-деди. Көрдүңөбү, бизде маселе чечүүгө тутумдуу кадамдар жок. Негизинен тейлөө кызматы берилет.

Кээ бир өлкөлөрдө, тескерисинче, уюмдар тейлөөдөн алыстап, тутумдуу өзгөрүү деңгээлинде иштей баштады. Мындай мамиле аларды терс жыйынтыктарга алып келет. Анткени алар адамдар менен байланышты жоготуп, көйгөйдү түшүнбөй калат.

Тейлөө жана тутумдуу аракеттер айкалышкан долбоорлор керек. Юридикалык кабылдамалар болушу зарыл. Ошол эле убакта мыйзам чыгарууда, укук коргоо тажрыйбасында ал кабылдамалар маалыматты анализдеп, коомдук кызыкчылыктарды коргоо, сүйлөшүү деңгээлине өтүүнү билүүсү абзел.

**IWPR:** Freedom Houseтун баамында, Тажикстан эркин эмес өлкөлөрдүн катарына кирет, бирок жакында эле "жарым жартылай эркин" мартабасы бар эле, азыр ал мартабасын да жоготуптур. Сиздин пикириңизде кырдаал канчалык татаалданат?

**Бахриева:** Бул маселеге бир кырдуу баа берүү кыйын. Бирок мага өлкөдө адам укугун коргоо тармагындагы кырдаалы жага бербейт. Эл аралык уюмдар жана жарандык коом менен ачык маектешүүнүн мүнөздүү багыты башталды. Муну унутпашыбыз керек.

Мыйзамдар талкууланып, биргелешкен демилгелер бар. Бул жана башка тармактарда көп өзгөрүүлөр болду. Кырдаалды оңдоо аракеттери көп. Мамлекеттик бийлик органдарынын ичинде адистик маселени мыктылоого, тутумду өзгөртүүгө багытталган көп демилгелер бар. Мунун баары жай кадам менен болсо да, адам укугун коргоо тармагында ийгиликтерге жетүүгө түрткү болот.

Дагы бир жагынан бул принципти "бир кадам алдыга, эки кадам артка" деген аракет катары баалаcа болот. Мисалы, массалык маалымат каражаттары тармагындагы кырдаал. Бул учурда сот бийлиги төртүнчү бийликке согуш жарыялады. Бул жаман тенденция.

ММКлар тутумунда гана өзгөрүү болгон жок. Кабыл алынган жаңы документтер сөз эркиндигиндигиндеги кырдаалды начарлатып гана жатат. Азыр сынга алган ММКларга каршы доомат коюлуп жатса, эртеңки күнү сын көз караашта жасалган баяндамалары, отчеттору үчүн коомдук уюмдарга каршы доомат коюлушу мүмкүн.

Бул ар-намыс жана абийирди кордоо жөнүндөгү дооматтарга алып келиши ыктымал. Натыйжада өз кезегинде эч ким эч нерсе айткысы келбей калат. Анда жөндүү сын болбой калат.

Эгер башка өлкөлөрдөгү кырдаалга баа берсек, ОБСЕнин өкүлдөрүнүн сөз эркиндиги боюнча анализинде Тажикстан менен Казакстан бирдей деңгээлде турат. Кудайга шүгүр, Өзбекстанга чейин али көп бар. Бул багыт эки олуттуу көйгөйдү жаратты: сөз эркиндигинин чектелиши жана сот бийлигинин белгилүү өлчөмдө каатчылыкка кабылышы.

Мунун баары сот бийлигине болгон солгун ишенимди түп-тамырынан жокко чыгарышы мүмкүн. Анда сот адам укугун коргоочу аброюн түшүрүп коет. Бул мамлекеттик тутумдун каатчылыгына алып келиши ыктымал.

**IWPR:** Сиздин оюңузча кырдаалды кантип оңдосо болот?

**Нигина Бахриева:** Жакынкы убакка чейин эл аралык үлгүгө дал келген мыйзамдар жөнүндө кеп кылып жаттык. Азыр андай мыйзамдар көп. Эң башкысы сот органдарына арыз жазып, сот органдарынан өз кызыкчылыгыңды коргоону талап кылуу керек.

Бизде конституциялык соттун жакшы механизми бар, бирок ага эч ким кайрылбайт. Ал аркылуу мыйзам өзгөртүүгө, эгер парламент конституцияга сыйбаган мыйзам чыгарса, ал эми сот аны аткарса, өз кызыкчылыгыңды коргоого мүмкүндүк бар. Укук тутуму абдан кенен, андыктан катасыз иш алып баруу болбойт.

Аракетсиздик эч нерсени өзгөртпөйт. Ал, же сабатсыздык, же коркуу сезими менен түшүндүрүлөт. Бирок жарандык коом жана калк жигерденүүсү зарыл.

**IWPR:** Бийлик менен бир пикирге келүү умтулуусунда укук коргоочулар өлкөдөгү чыныгы көйгөйлөрдү жана укук бузууларды байкоону каалабагандай сезилет. Жабык өлкө - коңшу Өзбекстанда укук коргоочулар Тажикстанга караганда жигердүү позицияда тургандай көрүнөт. Бул тууралуу оюңуз кандай?

**Бахриева:** Бир жагынан мен макул болот элем. Алар азыраак, бирок добушу же тагыраак айтканда, аргасыз кыйкырыгы биздикинен катуу чыгып жатат.

Өзбекстанда иш алып барып жаткандарга мен суктанам. Мындай шарттарда, алар бычактын мизи менен басып жүрүшөт. Көп укук коргоочулар чет өлкөдө жашоого аргасыз, бул абдан жаман жагдай.

Бизде маселени көтөрүп талкуулоого аракет кылышат, бирок кээ бир суроолорго сын көз караш менен кароо керек. Бул бийликти катуу таарынтат деп ойлобойм. Анткени алар да өзгөрүүлөргө каршы эмес.

Менимче, эгер сын сөздөр жөндүү болсо, бийлик сүйлөшүүлөргө барат. Мисалы сот тутуму жөнүндө, эмнеси жаман экенин жана эмне кылуу керектигин так сүйлөшүү зарыл. Жана башка тармакта деле ошондой чечимдер болушу абзел.

Көп учурларда кандайдыр-бир иш-чараларда мамлекеттик бийликтин өкүлдөрү: "Силерге жеңил, сындап койгон баарынан оңой. Силер бизди, кандай көйгөйлөр бар экенин билбейт деп

ойлойсуңар. Бизге бөлүнгөн каражат, адистер менен эмне иш кылса болот, бул багытта кандай иш-чара жасаса болоорун биргелешип чогуу ойлонолу", - деген сунуштарды айтат.

**IWPR:** HRWдин баяндамасында белгиленгендей, Тажикстандын негизги укук коргоо маселелеринин бири - акыйкаттыктын мүмкүн эместиги, жараяндык бузуулар,кармалгандарга каршы мыйзамсыз мамиле, бей өкмөт жана диний уюмдарды, саясий партияларды, ММКтарын ашкере көзөмөлгө алуу, азык-түлүктүн жетишпегендиги ж.б. Бүгүнкү күндө кайсы маселе өзгөчө курч турат жана эмнеге?

**Бахриева:** Чынын айтсам, кайсынысын көзөбөйүн курч маселе бардык жерде толуп жатат. Бирок быйыл биринчи орунга, менимче, сөз эркиндигин, маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн чектөө, сот жараяндарынын акыйкаттык маселелери турат. Бул 2010-жылдын биринчи эки айынын үч алдыңкы көйгөйү. Жашаган жеринен чыгаруу маселеси да өтө актуалдуу болуп жатат.

**IWPR:** Рогун ГЭСинин акцияларын таратуу да массалык мүнөзгө ээ болуп жатат. Акцияларды сатып алуу өз эрки менен болушу керектигин эскерткен, кепилдеме президент тарабынан берилгени менен, көп уюмдарда башкаруу каражаты колдонулуп жатат. Эмнеге бул жагдайда укук коргоочулар унчукпайт?

**Бахриева:** Анткени саясий мүнөздөгү иш болгондо алар такыр унчукпайт. Бул абдан кызык. Укуктук мамлекетте – бийликке ишенүү принциби бар. Президент бийликтин эң жогорку деңгээли. Эгер ал: "акциялар өз эрки менен болушун кепилдейм" деп эл алдында билдирсе, биз анын сөзүнө ишенишибиз керек.

Эгер окуу жайларынын жана башка мамлекеттик мекемелердин башкаруучулары Рогун ГЭСинин акцияларын сатып алууга мажбурласа, ал эми карапайым элдер кандайдыр-бир себеп менен сатып алууга мүмкүнчүлүгү болбосо, алар сөзсүз тоскоолдуктарга дуушар болот. Ошондо сотко кайрылышы керек. Бул жөнүндө унчукпай койбой, кыйкырып баштоо шарттуу. Анан эмне болоорун мезгил көрсөтөт.

Кыйноо болбойт. Акция албай койсоң университетте зачет койбой коет, акция сатып албасаң өз эркиң менен жумуштан бошоп кетесиң деген сыяктуулар - бул мыйзам бузуу. Рогундун акциясын сатып алгыла деген чакырык бар, жардам берүү жөнүндө ураандар болуп жатат. Ал эми акциялардын сатып алынышы ар бир адамдын мүмкүнчүлүгүнө, патриоттуулугунун деңгээлине жараша жарандык эрки жана жоопкерчилигине байланыштуу болот.

Бул иш-чара өлкөдөгү энергиялык кaатчылык кырдаалын оңдоого багытталганы баарына эле түшүнүктүү. Бирок бул жерде ишенбестиктин айрым даражасы бар. Канча акция сатылды? Ал акчалар кайда жумшалды? Эгер тутум так жүрүп, баары ачык болсо, балким буга чейин акция сатып алууну каалабагандар өздөрү сатып алып калмак.

**IWPR:** Нигина, сиздин былтыр Бишкектен депортацияланышыңыздын себеби эмнеде экенин айтып бересизби?

**Бахриева:** Себептери билинбеди, бирок менин бул себеп боюнча божомолдорум бар. Иштин баары мен БУУнун адам укугун коргоо боюнча адиси болом. 2004-жылдан тарта, мен Кыргызстанда Жаштардын укук коргоочу тобу ачкан "жарандык жана саясий укук боюнча Эл аралык пактты жана ага тиркелген факультативдик протоколду имплементациялоо боюнча тажрыйба алган жактоочулар курсу" аттуу программада иштейм.

Программанын алкагында БУУнун адам укугу боюнча комитетинин мүчө-адистери, Европа, КМШ өлкөлөрүнүн кадырлуу соттору жана жактоочулары, адвокаттары БУУнун адам укугун коргоо комитетине жеке арызды жазуу усулдарын үйрөтөт.

Мисалы, Тажикстан Факультативдик протоколдун мүчөсү катары биринчи арызын 2000-жылы жазса, Кыргызстан бизден мурун Пакт жана Факультативдик протоколго кошулганы менен 2004- жылга чейин бир да арыз жазган эмес.

2009-жылдын август айында мени семинарга чакырышты. Анда Ноокат окуясындагы жараянга катышкан жактоочулар болду. Эскерте кетсем, 2008-жылдын ноябрь айында Ноокатта Рамазан майрамын өткөрүүгө тыюу салынган, мунун баары массалык наразычылыкка жана сот жараянына айланган.

Андагы кармалган адамдарды коргогон жактоочулар адам укугун бузуунун түрлөрү: кыйноо фактылары, адилетсиз сот жараяны, жана башка укук бузуулар жөнүндө айтып жатышты. Андан соң мага биринчи арыздарын жөнөтүштү. Мен аларды БУУнун комитетине кайрылууга даярдадым.

2009-жылдын декабрь айында кыргыз акыйкатчысынын кеңсесинин чакыруусу менен Бишкекке жабык мекемелерди мониторингдөө боюнча семинарга келдим. Бирок өлкөдөн чыгарылып, дагы 10 жыл Кыргызстанга каттоо укугуман ажырадым. Мен себебин түшүндүрүүнү өтүнсөм, сентябрь айында укук коргоо органдары менен сөз табышпай койгондугум тууралуу жалган күнөөнү мойнума илишти.

Бул албетте, калп айыптоо. Менин бажы, чек ара кызматы менен эч кандай алакам болгон эмес. Документтерим жайында эле. Азыр менин кызыкчылыктарымды жактоо ишеним катын Бишкектеги Көз карандысыз топто кызмат өтөгөн кесиптештериме жибердим. Мен депортация жөнүндө чечимди кайра карап чыгуусун талап кылам.

***Зарина Эргашева, Душанбе***

# БЕРНД РЭЧЕЛ:
# Түркмөн саламаттыгын сактоо изилдөөлөрү Кара жарыкты изилдөө менен барабар.

*12-апрелде декабрда эле өз ишкерлигин токтоткон “Чексиз дарыгерлер” (Médecins Sans Frontières» - MSF) эл аралык медициналык соопчулук уюму “ Түркмөнстан: саламаттыкты сактоо тутумунун киргилдиги” аттуу докладын жарыялаган. Билдирүү саламаттыкты сактоо тармагындагы кээ бир өзөктүү маселелерди чагылдырат. Түркмөн бийлиги бул баяндамага өтө терс мамиле жасады. Мамлекеттик ТДХ маалымат агенттиги, министрлер кабинетинин акыркы отурумунда, бул суроо талкууланып “Түркмөнстан заманбап уникалдуу мыкты саламаттыкты сактоо тутумуна ээ жана көз карандысыз жылдары тажрыйба жүзүндө өзүнүн үзүрдүүлүгүн жана мүмкүнчүлүгүн көрсөтө алгандыгы” айтылды.*

NBCA менен болгон маегинде түркмөн саламаттыкты сактоо маселеси жөнүндө Лондондук гигиена жана тропикалык медицина мектебинин коомдук саламаттыкты сактоо тармагынын окуутуучусу, саламаттыкты сактоо тутумунун жана саясатынын Европалык обсерваториясынын изилдөөчүсү, “Түркмөнстанда Ниязовдон кийинки саламаттыкты сактоо” илимий ишинин авторунун бири Бернд Рэчел ой бөлүштү. Рэчел мырзанын социологиянын бакалавры, расалык жана этникалык изилдөөлөр тармагынын магистри, россиялык жана чыгыш Европалык изилдөөлөр тармагынын доктору деген даражасы бар.

**Рэчел:** Түркмөнстан саламаттыкты сактоо тутуму башка Борбор Азия өлкөлөрү кабылган кыйынчылыктарга - жугуштуу оорулардын жогорку деңгээли, аялдардын жана ымыркайлардын өлүмүнүн жогорку саны, кургак учук аттуу эле көйгөйлөргө кабылып жатат. Бирок Түркмөнстандагы кырдаал ачык-айкындыктын жоктугунан көбүрөөк жабыркоодо. Бийлик көп убактарда танып жокко чыгаруу жана фактыларды жалган айтуу саясатын колдонот. Негизги маселелердин бири -саламаттыкты сактоо жана калктын ден-соолугун көзөмөлдөөчү тутумунда так маалымат жок. Өкмөттүк сарэсеп маалыматтар басылып чыкпайт, же жалган эсептер берилет. Мисалы, төрөт убагындагы энелердин өлүмү. Түркмөнстанда жарыяланган аялдардын өлүмү Нидерландыныкынан да аз болуп чыкты. Бул чындыкка сыйбайт. Андан башка Түркмөнстанда акыркы жылдары бир да ВИЧ катталган жок деген маалымат берилди. Буга кантип ишенсе болот? Эгер өкмөттүк сарэсеп маалыматы так эмес же жок болсо, өз өлкөбүздө кырдаалды чагылдыруу үчүн биз изилдөөлөрдү колдонобуз. Бирок Түркмөнстанда көз карандысыз изилдөө жүргүзүү мүмкүн эмес. Түркмөн калкынын саламаттыгын изилдөө - кара жарыкты изилдөө менен эле барабар болуп жатат.

**NBCA:** MSFтин баяндамасында медициналык багуунун төмөн сапаты, медициналык жумушчулардын адистигинин төмөндүгү ар түрдүү себептерге такалгандыгы белгиленген. Бул медадистердин начар даярдыгы, саламаттыкты сактоо тутумундагы адистерди котоpуудан улам келип чыккан дарыгерлердин бошоңдугу жана өкмөттүк тартиптен чочулоо.

Сиздин маалымат боюнча, Түркмөнстандагы медициналык тейлөөнүн деңгээли кандай?

**Рэчел:** Менин маалыматым боюнча, өлкөдөгү саламаттыкты сактоо тутуму үчүн негизги маселе -медициналык тейлөөнүн төмөн сапаты, иш билги медициналык адистердин аздыгы чоң көйгөйдү алып келүүдө. Ниязовдун бийлиги билим берүү секторуна, анын ичинде медицина тармагында билим берүүгө абдан олуттуу залалын тийгизди. Азыркы учурда окуу мөөнөтү кайра узарды, бирок билим сапаты дагы эле аксайт. Мурунку Советтер Союзунун өлкөлөрүндөй эле медициналык кызмат үчүн расмий эмес төлөөлөр көнгөн көрүнүш. Ал медицина кызматкерлеринин негизги төмөн айлык акыга кошумча төлөө керексиз дарылоого алып келет, натыйжада ал, медициналык кызматтын төмөн сапатын жаратат.

**NBCA:** MSFтин докладында белгиленген сифилис, ВИЧ башка жугуштуу оорулардын фактын жашыруу коомдун ден-соолугуна кандай таасирин тийгизди? Аны кантип актаса болот?

**Рэчел:** Жугуштуу оорулардын фактысын жашырууну эч кандай актоого сыйбайт. Ал зыяндан башка эч нерсеге алып келбейт. Анын кесепетинен оорулуу адам дарылануу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калк үчүн кооптуу болот. Мисалы, кытай өкмөтү тарабынан жаап-жашырылган атиптүү өпкө оорусун алалы. Анын натыйжасында дүйнө жүзү боюнча оорунун бир топ күчөшү байкалды.

**NBCA:** Түркмөн бийлиги саламаттыкты сактоодо транспаренттүүлүктү камсыздоого даярбы? Ал үчүн эмне кылуу керек?

**Рэчел:** Биз өлкөнүн саламаттыгын сактоодо жана саламаттыкты сактоо тутумунун өзүндө көз карандысыз баамдоо жүргүзүүнү талап кылдык, бирок биздин аракетибиз жокко чыгарылды. Дүйнөлүк коомчулук саламаттыкты сактоо тутумунда ачык-айкындыкты камсыздоо боюнча көбүрөөк чара көрүшү керек. Өлкөнүн саламаттыгын сактоо тутумунда негизги маалыматтын жоктугу аянычтуу натыйжаларга алып келет.

***Маектешкен Түркмөнстан жана Өзбекстан боюнча IWPRдин башкы редактору Инга Сикорская***

# Казакстандагы африкалыктар жашоо үчүн күрөшөт

*Казакстандын территориясында көп убактан бери жашап жүргөн бөлөк өлкөнүн жарандары, бийлик өкүлдөрү аларды негизсиз куугунтуктап жана кемсинтип жатканын билдиришти.*

Малинин жараны Идрисса Траоре Казакстандын миграциялык кызматынын укуктук кагылышуу борборун мыйзамсыз жазапул салык салгандыгы үчүн айыптайт. Ал салык төлөп бербеген жагдайда өлкөсүнө куулуп кетүү эскертүүлөрүнө кабылган.

Траоренин былтыркы жылдын күз айында багынуунун ордуна миграция кызматына каршы чыгышы күтүлбөс окуя болгондуктан, ал жөнүндө декабрь айында белгилүү “Время” гезити жазып чыкты.

Бир караган адамга Казакстандагы жакынкы убактагы иммигрант жөнүндө сөз болуп жаткандай, бирок Траоре бул жерде 20 жылдан бери жашайт. Убагында советтик Казакстанда мал доктурлукту окуп чыккан.

Ал университетте окуу аяктагандан кийин 200 африкалык жаран менен бирдикте көз карандысыз Казакстанда калып калган. Алардын баары көп убактан бери бул өлкөдө жашаганына карабай так мыйзамдуу мартабага жете албаган кыйынчылыктарды айтып даттанышат.

2004-жылы Траоре жашап туруу укугун алган, бирок былтыркы жылдын август айында узартууга документин бергенде, ага 2007-жылдан берки карызы - катталган шаары Алматыда эмес Астанада жашаганы үчүн 100 доллар өлчөмүндө жазапул төлөөсүн талап кылышкан.

Траоре жазапулду убагында төлөгөнүн айтса, аткаминерлер өз кезегинде жазапул төлөнгөнү жөнүндө маалымат жоктугун билдиришти.

Эң башкысы африкалык адам жазапул төлөбөй койсо болмок, анткени жашап туруу укугу бар чет элдик жарандар тоскоолдуксуз өлкөнүн территориясы боюнча көчүп жүрө берсе болот. Жашап туруу уруксаты бар документсиз Траоре иштей албайт. Анын паспорту да жок, анткени аны жашоо укугу үчүн документтери менен чогуу тапшырган.

Траоре миграциялык полиция башкармалыгына каршы, мыйзамсыз салык алгандыгы жана иштеп жанын багуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткандыгы тууралуу арыз жазып сотко берди. Андан тышкары прокуратурага, анын дарегине миграциялык кызматынын башкармалыгы тарабынан “жашап туруу укугунан ажыратууга себеп табарын” айтып коркуткан адамды атап, арыз жазып, тез мөөнөттө караштырууну өтүндү.

«Мен үчүн булар-намыс, абийир принциби. Мен эми сокур тыйын төлөбөйм. Кыймылдоо, көчүү мүмкүнчүлүгүм, мыйзам чегинде иш тандоо укугум жок кырдаалда боло албайм» -, деди Траоре IWPRге берген интервьюсунда.

Адам укугу боюнча Казакстан бюросунун юристи Виктория Тюленева Траоренин ишин алып барат. Анын сөзүндө, африкалык жаран жазапул төлөп бербегенге толук укуктуу.

Тюленева, бул жагдайда Траореге виза менен жүргөн жана өлкө ичинде көчүп жүрүүгө укуксуз чет өлкөлүк жаранга мамиле кылгандай, мамиледе. Бирок ал-өлкөнүн туруктуу тургуну жана ошол себептен Казакстандын башка жарандарындай эле ээн-эркин кыймылдап, жер өзгөртүүгө укуктуу. Ал жергиликтүү миграциялык полициядан каттодон өтпөй деле койсо болот.

Траоренин ишин алып барган Алматы миграциялык полициясынын орун басары Айкельды Асановдун пикиринде, “бардык чет өлкөлүктөр каттоодон өтүшү керек. Алар мыйзамга кың дебей баш ийиши шарттуу. Эгер жакпаса - жашап туруу укугунан ажырасын”,- деди ал. Асанов салык төлөөнүн мыйзамдуулугун караштырган жок, миграциялык полицияга андан кийинки кайрылуулар да жоопсуз калды.

Казакстанда жашаган башка африкалыктар да бул көйгөйгө кабылып, өлкөдө жашоого уруксат алууда кыйналып жатканын билдиришти.
Сьерра-Леоненин жараны, Казакстан африкалыктар Союзунун төрагасы Ламин Бангура, Траорени колдоп чыкты. Ал мурун өзү да жашап туруу укугун алууда мындай маселеге кабылганын айтты.

«Бул жагдай көп жылдан бери кайталанып келет. Жашап турууга укук алуу мөөнөтү келгенге чейин миграция полициясы атайын отуруп алып, бизди кыйноо ыкмаларын ойлоп чыгып жаткандай туюлат. Аларга бир барак алып келсең, мыйзамга сыйбаган башкасын талап кылат»,-деди ал.

Бангура африкалыктардын кемсинтилгенин айтат. «Башка улуттун өкүлдөрүнө кыйноосуз эле каттоосун узартып берет, бизге эле айдалган кишидей мамиле кылышат», - дейт африкалык жаран.

Анын натыйжасында биз - африкалыктар өзүбүздү чоочун сезебиз, анын үстүнө башкармалар бизди өлкөдөн кеткиле деп ачык айтат.

«Биз кайда барабыз? Жубайларыбызды, балдарыбызды кайда таштайбыз?» - дейт Бангура.

Ганалык Франсис “башкы ролду паракорчулук ойнойт, полицияга пара берсең укук бузууга көз жуумп коет” деген ойдо.

«Менимче, алар атайын африкалыктарды уйдай саап тура турган түзүмдү ойлоп табышкандай туюлат. Акчаны алып коюп, көздү жуумп, кийинки саай

турган мөөнөттү күтүп калышат»,-дейт Франсис.

Тюленеванын пикиринде, бул африкалыктарга эле болгон мамиле эмес, бул жагдай менен бардык иммиграннттар тааныш.

«Мындай кырдаал жалгыз эмес, ал миграициялык полициянын мигранттарга болгон мамилесин чагылдырат жана мигранттык коомчулукка тиешелүү көп этносторго мүнөздүү», - деди ал.

ЮНЕСКОнун маалыматында, Казакстанда 300 миңден бир миллионго чейин мигрант бар. Алардын көпчүлүгү коңшу Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстандын убактылуу жалданма жумушчулары.

БУУнун Жогорку комиссарынын качкындардын иши боюнча "Качкындар үчүн укуктук жардам" аттуу долбоордун координатору Денис Дживага, миграциялык полиция мигранттарды жеңил олжо катары көрөт деп эсептейт. Кээде бул окуялар мигранттардын өз мыйзамдуу укугун билбегендигинен чыгаарын айтты.

«Бүгүнкү күндө миграциялык полиция мигранттарды киреше булагы катары көрөт. Бул биринчи ирет мыйзамды өздөрү каалагандай бурмалоого мүмкүндүк түзөт», - деди ал.

Траоренин иши жалпы коомчулукка белгилүү болгондон кийин, миграциялык полиция анын жашап турууга укугун узартууга уруксат бергендигин билдирди, бирок азыркы убакта иш техникалык себептер боюнча токтоп калды.

Траоре иммиграциялык бийликтин башкача мамилесин күтөөрүн каалайт, анын ордундагы адам ансыз деле көп нерсени талап кыла албайт.

«Өз өлкөмдөй болбосо, мыйзамдуу иштөөгө, жашоого укугубуз болсо, эртеңки күнү эч ким бизди кууп чыкпайт деп коркуп турбасак, башка көптү деле күтпөйм. Ким билет, эртең бирөө "бул жерде эмне жоготтуң?" десе, дагы кыйналып каламбы»...

***Андрей Гришин,***
***Алматы***



# Кыргызстандын бийлиги жер басып алуучулар менен күрөшөт*





*8-апрелдеги сүрөткө далил*

***Жер бөлүп берүү талабы зомбулук адатка айлана баштаганда өлкөнүн жаңы өкмөтү тартипти камсыз кылууга чакырууда.***

Кыргызстандагы жаңы өкмөт жагдайдын кысымы алдында калууда: Борбор шаар Бишкектин айланасында жер талашып урушкандарга карата чара колдонуп, тартипти орнотууну талап кылып жатышат.

Жерлерди өз билемдик менен басып алуу элдердин чыныгы көйгөйлөрүнөн улам пайда болуп, жалпы козголоң мүнөзүн алса да, бир топ аналитиктер аны жаңы бийликтин келишкис тараптары тарабынан кандайдыр бир деңгээлде уюштурулуп жатышы мүмкүн деп шектенишет.

Кыргызстандын ички иштер министринин милдетин аткаруучу, 19-апрелдеги Бишкектин түндүк бөлүгүндө жайгашкан Маевка айылынын жанындагы жерди жүздөгөн эл басып алганда, басып алуучулар менен жергиликтүү тургундардын ортосунда кагылышуу орун алып, анын натыйжасында 5 адам өлүп, 40ка жакын адам жарадар болгондугун жарыялады.

** Бюллетендин басылмага чыгышына чейин өзгөрүүлөр болду. Биз аларды чагылдырууну туура таптык:*

*"Маевкадагы тополоңдун натыйжасында 120 адам, анын ичинен 7 адам чагымга шектүү деп кармалды. Аларды кылмыш жазага тартат", - деп билдирди 6-май күнкү пресс-конференцияда КРсынын Улуттук коопсуздугунун Мамлекеттик кызматынын төрагасы Кеңешбек Дүйшөбаев. Талкалоодон кийин Маевка коргоого алынды. Эл кошуундары жергиликтүү тургундар менен бирдикте басып алуудан жакынкы айдоо аянттарын коргоп жатат. Жер-жерлерде милициянын күчөтүлгөн топтору күзөттө турат.*

*Дагы бир Кара-Жыгач жаңы конушунун жанында жер басып алган 30 адам Чүй областынын ИИБына жана Аламүдүн РИИБине жеткизилгени 7-май күнү белгилүү болду. Азыркы учурда райондук сот бул адамдарды КРнын административдик жоопкерчилиги жөнүндө кодексинин 105-беренеси "Уруксатсыз жер ээлөө" боюнча иш козгоого чечим кабыл алып жатканын билдирди.*

*Ошол эле убакта Кыргызстандын борборунда 7-май күнү 5 миң жер басып алуучу катталган. Алар мурункудай эле Убактылуу өкмөттөн ар бирине шаар ичинен 4 соток жер бөлүп берүүсүн талап кылышууда. Бул жөнүндө пресс-конференцияда алардын өкүлдөрү билдирди. Басып алуучулар жер бөлүнүп берилээринен шек санабайт.*

*Азыр мыйзамсыз жер басып алуучулар да, жерлери мыйзамсыз тартып алынган Бишкектин жана жакынкы айылдардын тургундары да жаңы бийликтин чечимин күтүүдө. Бирок бүгүнкү күнгө чейин маселе чечилбей жатат.*

Жерлерди мындай мыйзамсыз басып алуулар негизинен жакшы жашоо издеп айыл жерлеринен борборду көздөй агылып келген мигранттар тарабынан жасалууда. Мындай көрүнүштөр Кыргызстан өз алдынчалыгын алган күндөн тарта мезгил-мезгили менен кайталанууда. Жер басып алуулардын акыркы толкуну 6-7-апрелдеги массалык элдик кыймылдын натыйжасында Бакиевдин бийлиги кулатылып, жаңы Убактылуу өкмөт түзүлгөндөн кийин башталды.

Мыйзамсыз иш-аракеттер үчүн катуу чаралар колдонулат деген Убактылуу өкмөттүн эскертүүлөрүнө карабастан, миңдеген адамдар өздөрүнө жер тилкелерин белгилеп жатышты.

Маевка айылында жер басып алуучулар өздөрүнө тиешелүү делген жер тилкесин казыктар менен белгилешип, андан кийин чогулган топ Бишкектин борборун көздөй бет алышкан. Негизги максаты, өздөрүнүн жерге болгон укугун талап кылуу эле.

Бишкек шаарынын мэринин милдетин аткаруучу Иса Өмүркулов жер басып алуучулардын алдына чыгып, муниципалдык бийлик жер маселесин талкуулап жаткандыгын айтты. «Шаар чегинде бош жер тилкелери жок, ал эми башка бирөөнүн менчигин, чарбасын басып алууга биз мүмкүндүк бербейбиз», - деди ал IWPRга.

Жер басып алуучулар кайрадан Маевкага келгенде жерлерин тарттырып жиберген жергиликтүү калк менен басып алуучулардын ортосунда айыгышкан кагылышуу башталган.

Бишкектен бир нече чакырым алыстыкта жайгашкан бул айылда этникалык кыргыздар, орустар жана экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде Сталиндин буйругу менен Орто Азияга Кавказдан көчүрүлүп келинген түркмесхиттер жашашат.

Бул окуядан кийин Маевка айылына келген IWPRдын журналисти айылдын үстүнө калкып көтөрүлгөн түтүндү, өрттөлгөн үйлөрдү, чарбалык курулуштарды жана өрттөлгөн машиналарды көргөн.

Жер басып алуучулардын кол салуусуна кабылган түрк аял, басып алуучулар биз көтөрүлүшкө катышып, Бакиевдин бийлигин кулаттык, эми жасаган ишибиз үчүн энчибизди алышыбыз керек деп айткандыгын билдирди.

«Биз силерге Ак үйдү алып бердик, силер бизге жер бергиле!», - деп жер басып алуучулар жаңы жетекчиликке кайрылганын айтты түрк аял.

Ушул аял сыяктуу эле IWPR сурамжылоого алган айылдын башка тургундары да психологиялык оор абалга кабылган. «Басып алуучулар этникалык кыргыздар болгонуна карабастан, жергиликтүү тургундардын үйжайына кол салуу, алардын улуттук өзгөчөлүгүнө карабастан эле болду», - деп эсептешет айыл тургундары.

«Мен кыргыздардын арасында жашагандан коркпойм. Биз канча жылдар бою бири-бирибизге жанаша жашап көнүп калганбыз. Мен учурда Кыргызстанда жашагандан корком», - деди Маевка айылынын орус улутундагы тургуну.

Маевка айылындагы башаламандыкты басуу үчүн ошол күнү кечинде милиция жана «Патриот» элдик кошундун штабы жөнөтүлгөн. Натыйжада жүздөн ашык адамды кармап камашкан. Алардын айтуусунда бүгүнкү күндө аталган айылда тартип орнотулган.

Кийинки күнү, 20-апрелде жер басып алуучулардын дагы бир толкуну чыга түштү. Бул жолу баары тынч өттү. Үй-бүлөлөрү, балдары, картаңдары менен чыккан топ эл жер тилкелерин бөлүштүрүп, аларды казык менен белгилешип, өздөрүнүн ошол жерде калуу ниеттерин билдирүү максатында ал жерлерге чатырчаларды курушту. Аларга эч кандай күч колдонулган жок.

Басып алуучулар талап кылган жер тилкеси жашыл аймакка тиешелүү болгон. Ал жерге калкка көп кабаттуу үй куруу пландалгандыгын шаардын мээри Иса Өмүркулов IWPRге билдирди.

### БИЙЛИК ЧЕЧКИНДҮҮ КАДАМДАР ЖӨНҮНДӨ АЙТЫП ЖАТАТ



Маевка айылында орун алган окуядан кийин убактылуу премьер-министр Роза Отунбаева токтом чыгарды. Токтомдо Убактылуу өкмөттүн төрайымы Ички иштер министрлигине, Коопсуздук кызматына жана Коргоо министрлигинин жарандардын коопсуздугун камсыз кылуучу бөлүмдөрүнө көрсөтмө берип, ага ылайык атуулдардын өмүрүнө коркунуч келтирип, алардын үй-жайына, жеке менчигине, жарандык жана аскердик объектилерге каракчылык менен кол салгандарга укук коргоо органдары мыйзамдын чегинде ок ата тургандыгы белгиленген.

Ички иштер министрлигинин басма сөз катчысы Рахматилло Ахмедов орун алган окуялардын себебин, ошондой эле массалык башаламандыктардын уюштуруучуларын жана айрым катышуучуларын аныктоо максатында иликтөө иши жүргүзүлүп жаткандыгын жарыялады.

Тартип коргоо органдары Бакиев бийликтен кулатылгандан тартып, өзгөчө жаңы ички иштер министрин дайындагандан кийин кайсы күчкө баш ийүүнү билишпей олку-солку болушту.

«Апрель окуяларынан кийин ындыны өчкөн (деморализацияга кабылган) тартип коргоо органдары бүгүн кайрадан коомчулукту коргоп кала алат», - деди Иса Өмүркулов.

Маевка айылынан анчалык алыс эмес Ленин айылынын тургундары жер басып алуучулардан коргонуу максатында өздөрүнүн отряддарын уюштурушкан жана өз жеринде чоочун кишилердин пайда болушуна көз салып турушкан. Алар милиция кызматкерлеринин жардамына ишенбей калышкан эле.

«Биз жерибизди тартып алууга мүмкүндүк бербейбиз. Ленин айылынын тургундары өз күчүнө ишенет. Маевкага милиция өтө кеч келген», - деди өзүнүн атын атагысы келбеген айыл тургуну.

### БАШАЛАМАНДЫКТЫН АРТЫНДА ЖАШЫРУУН КҮЧТӨР БАРБЫ?

Өлкөнүн түштүгүндөгү Жалал-Абад шаарында Бакиевдин талапкерлери аптанын башында жергиликтүү жетекчиликтин имаратын, телеканалды басып алышканда 21-апрелде милиция кызматкерлери менен Бакиевди жактоочулардын ортосунда кагылышуу болгон. Жаңы өкмөттүн оппоненттери элди жерлерди басып алууга тымызын кайраган, ал гана тургай уюштуруп, башкарып турган деген ой-пикирлер айтылууда.

«Жер басып алуучулардын иш-аракети билгичтик менен уюштурулуп жатат. Андай болбогон күндө Бишкектен эмес башка жактан келген карапайым эл бош жер тилкелери кайда жайгашкандыгын билмек эмес», - деди Өмүркулов.

Маевка айылына милиция кызматкерлерине жардам берүүгө келген «Патриот» элдик кошунунун бир мүчөсү жер басып алуучулардын талабы чыныгы турмуш кыйынчылыктарына негизделгени менен, аларды кимдир бирөө жетектеп тургандай деген оюн билдирди.

«Жер басып алуучулар негизинен жашы 15тен 25 жашка чейинки балдар экен. Биз алар менен сүйлөшө алдык, алардын көпчүлүгү иш издеп шаарга келгендер экен. Алардын чындыгында үйлөрү жок. Алар батирлерде же тууғандарынын үйлөрүндө турушат экен. Кээ бир жаш балдардын айтымында, алар мындай ишке уюштурулган иш-чаранын негизинде барышкан», - деди элдик кошундун мүчөсү Эрлан Жусупов.

«Жер басып алууларды белгилүү бир адамдар башкарууда, аларга тамак-аш, алкоголдук ичимдиктерди берип жатышат. Басып алуучулардын көпчүлүгү мас абалында экендигин көрдүк. Бул кагылышуулар, Убактылуу өкмөттү кырдаалды көзөмөлдөөгө жөндөмсүз деп көрсөтүү максатында атайын уюштурулуп жатат (буга Бакиевдин администрациясы күнөөлөнүп жатат). Ал эми этникалык маселе өздөрүнө коомчулуктун көңүлүн бурдурууга болгон алардын дагы бир жолку аракети»,- деди ал.

## ЭТНИКАЛЫК САЯСАТ - КОРКУНУЧТУУ

«Эгалите» коомдук фондунун башкы директору, конфликтолог Татьяна Выговская жер талашууга байланышкан маселе чындыгында экономикалык көйгөйлөргө барып такаларын, андан этникалык боёкту издөө чындыкка жатпай тургандыгын айтты.

«Этникалык карама-каршылыктар мындай болбойт. Карама-каршылык зарыл болгон кандайдыр бир баалуулуктун айланасында келип чыгат. Үй-жайларды талкалап, талоонго алууга түрткөн нерсе «Силерде баары бар, биздин болсо эч нерсебиз жок. Революция болуп өттү, эми биз баарын тартып алабыз» деген ой гана болгон. Улуттук өзгөчөлүк же этникалык маселе бул жерде роль ойногон эмес», - деди ал.

Этникалык пикир келишпөөчүлүктөр жөнүндөгү маалымат жаңылыктары улам көп колдоо топтоого умтулуп жаткан Убактылуу өкмөт үчүн дагы бир кошумча көйгөй болуп калууда.

Маевка айылында орун алган кагылышуудан кийин Россия президенти Дмитрий Медведев Коргоо министрлигине Борбор Азия мамлекетиндеги Россиянын жарандарын жана алардын менчигин коргоого буйрук берди. Анын билдирүүсүндө Кыргызстанда аскер-аба базасы жайгашкан россиялык аскерлер кандай чараларды көрө тургандыгы түшүнүксүз болду.

Жапа чеккен түрк-месхиттердин туулуп өскөн жери Турция болбосо да, Турция мамлекети алардын коопсуздугуна тынчсыздангандыгын билдирди. Турциянын Кыргызстандагы элчиси Нежат Акчал Маевка айылына барып, жергиликтүү тургундар менен жолугуп, элчилик аларга гуманитардык жардам берүү чараларын көрүп жаткандыгын айтты.

## БАШАЛАМАНДЫК ТЕОРИЯСЫ

Жерлерди басып алуучулардын артында тымызын жардам бергендер болушу мүмкүн деген шектенүүлөрдүн болгонуна карабастан, жергиликтүү аналитиктер чындыгында коомдо мындай көйгөй бар деген бирдей пикирге келишти.

Маевкада жер басып алуучулардын бири IWPRга алардын жасаган иши канааттандырылышы (жер берилиши) керектигин айтты.

«Элге жер берилиши керек, муну жөн эле чечип коюшса болмок. Карама-каршылык да чечилмек. Бизге эмне үчүн жер бербей жаткандарына түшүнбөйм» - деди ал.

Бакиевди бийликке алып келген 2005-жылы март айындагы «жоогазын» революциясынан кийинки жер басып алуучулардын талаптары канааттандырылгандыгын кошумчалады. Эгер 2005-жылдагы толкундоолордон кийин басылып алынган жерлер мыйзамдаштырылса, биздин басып алган жерибиз да мыйзамдаштырылышы керек», - деди ал.

Парламенттин төрагасы болуп дайындалган Коммунисттер партиясынын лидери Исхак Масалиев, мыйзамсыз жерлерди басып алуу 90-жылдардан баштап орун алып келе жаткандыгын белгиледи.

«Ар бир бийлик алмашылган соң жерлерди басып алуу жаман адатка айланууда», - деди ал.

“Укуктук маселелер менен катар, жер басып алуучулардын санынын өсүшү жаман көрүнүш, шаар кеңдигине карай эмес, жогору карай өсүшү керек”, - деп айтты ал.

«Шашылыш түрдө жаңы конуштардын салынышы жакырчылык, кылмыштуулук көйгөйлөрүн тереңдетип жатат. Жаңы конуштарда жашашкан тургундардын жашоосу өтө оор, жолдордун, уюлдук байланыштын, суу түтүктөрүнүн жоктугу – алардын жашоосун андан бетер оорлотууда», -деп түшүндүрдү.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысында иштеген Гүлнура Абазбекова жогорудагы ойду колдоорун жана басып алуучуларга көп сандаган жер тилкелерин бөлүп берүү туура эмес экендигин билдирди.

«Өзүм билемдик басып алуучулар башка бирөөнүн менчигин басып алышты. Бул жапайычылык жана алар катуу жазаларын алышы керек. Басып алуучулар негизинен туруктуу кирешеси болбогон жаш балдар. Бийлик аларга жер бөлүп берген күндө да, ал жерге алар эч нерсе кура алышпайт, алардын ал жерлерди иштетүүгө каражаты жок. Ал жерлерде жолдор да, электр линиялары да жок, шаар болсо өзүнө мындай түйшүктү ала албайт», - деди ал.

Выговская да жаңы бийлик жер басып алуучуларга каршы катуу чараларды колдонушу керек деп эсептейт. Анын пикиринде «калың эл алардын башчысы бар экендигин билиши керек».

Ошондой эле мындай башаламандыктар жакынкы айларга чейин уланышы мүмкүн экендигин кошумчалады.

Бийликти күч менен зордоп кетирүүнүн кандай түрү болбосун, анын арты мыйзамсыздык, зордук- зомбулук жана агрессия менен коштолоорун айтты.

«Учурда кырдаал толук түрдө бийликтин көзөмөлүндө деп айтуу кыйын. Мындай карама-каршылыктар ар жерде чыгып, көпкө чейин созулушу мүмкүн. Албетте жер басып алуучулардын негизги аймагы Бишкек шаарынын ар тарабы болуп кала берет. Бул элдердин Бишкекте жашоо жакшы, ал жерде жашагандын өзү жашообузду жакшыртат деген ишеними менен байланышкан», - дейт Выговская.

***Асыл Осмоналиева, IWPRда тренингден өткөн Кыргызстандагы журналист***




*8-апрелдеги сүрөткө далил. шылуундардан коoптонуп дүкөндөр товарын алып чыгууда*

# Коңшу өлкөлөр Кыргызстандан кооптонот

***NBCA сурамжылоого алган борборазиялык чөлкөмүнүн баяндамачылары, кыргыз окуялары коңшу өлкөлөргө жугуп кетпейт, бирок кырдаалды дестабиздештирүүгө түрткү болот деген ойлорун айтышты.***

6-7-апрелде Кыргызстанда оор социалдык-экономикалык абал, паракор башкаруу тартипке наразы адамдардын массалык каршылык акциясынын натыйжасында кыргыз президенти Курманбек Бакиев ордунан бошотулуп, бийлик оппозициялык өкүлдөрдөн турган Убактылуу өкмөттүн колуна өттү.

Бишкектеги тополоңдун натыйжасында, кыргыз борбор шаарында 85 адам каза таап, 1600 жарадар болду.

Тактан түшкөн президент коңшу Өзбекстанга чектеш, өзү туулуп - өскөн Жалал-Абад областынын Тейит айылында бир нече убакыт болду. Ал жерде кыргыз өкмөтүнүн мурунку бийлигинде жогорку орундарды ээлеген өз бир туугандары менен бирдикте Убактылуу өкмөттү “легитимдүү эмес” деп жарыялап, өзүн жактап каршылык акциясын уюштурууга аракет кылды.

16-апрель күнү эки бийликтүү кырдаал үч өлкөнүн - Россия, АКШ жана ОБСЕге төрагалык кылган Казакстандын ортомчулугунун натыйжасында чечилди.

Россия жана АКШ үчүн Кыргызстан стратегиялык мааниге ээ, анткени анын территориясында эки мамлекеттин тең аскер базалары жайгашкан. Ал эми Кыргызстандын илгерки кошунасы Казакстан менен өлкө бардык тармактарда тыгыз байланышкан.

Ошол эле күнү казак аскер-аба күчтөрүнүн атайын авиакаттамы менен Бакиев Кыргызстандан Казакстандын батышындагы Талас менен чектеш областтык борбору Таразга алынып келинген. Коңшу өлкөдө Бакиев президенттикти өз эрки менен таштагандыгы жөнүндө арыз жазгандыгы белгилүү болду. Кийинчерээк Бакиевди ташыган самолет Казакстандан чыгып кетти деген маалымат берилди.

Бул макала жазылган убакта кыргыз экс-президенти кайда кеткени белгисиз болууда.

Казак жана тажик прессасы жана телекөрсөтүүлөрү коңшу Кыргызстандагы окуяларды кеңири чагылдырды. Ал эми өзбек жана түркмөн ММКлары унчукпай кутулду. Коңшу өлкөлөрүнүн бийлигинин расмий кайрылуулары да болгон жок, жалгыз казак чыгааны Нурсултан Назарбаев “бийлик тутумун кайтаруу максатында бардык күчтөрдү жумшоого, карапайым адамдарды козголоңдон сактоого” чакырды. Ал эми Өзбекстан ТИМи “Кыргызстандагы болуп жаткан окуялар анын өз ички иши” деп жарыялады.

NBCАнын өзбек баяндамачылары, алардын өлкөсүндө Кыргызстандагы окуя кайталанбаарын айтты, анткени наразы адамдар аз санда, бирок бийлик өкүлдөрү да, карапайым калк да кооптонгонун жашырбайт.

Ташкенттеги дүйнөлүк экономика жана элчилик Университетинин доценти, саясий илимдердин кандидаты Фархат Толипов, “жергиликтүү ММКлардын унчукпоосуна карабай Кыргызстандагы окуялар коомдук талкуунун негизги темасы”, деди.

«Кыргызстандагы кырдаалды жогорку окуу жайдын студенттерине түшүндүрүү максатында атайын лекция окуга туура келип жатат. Бирок, мага, окутуучу катары бир да жолу, “бизде мындай кырдаал түзүлүшү мүмкүнбү?” деген суроо берилбеди. Демек, андай ой эч кимдин аң-сезимин чочулаткан жок. Эл өз президентине каршы барат деп эч ким ойлобойт. Коомдун мындай талкууларынан улам, биздин мамлекет Кыргызстанга эч окшошпогонун билсе болот. Ал биз үчүн алыскы белгисиз өлкөдөй туюлат».

Бирок башка өзбек баяндамачылар кыргыз территориясына чектеш жерде жашаган туугандары бар адамдар арасындагы кооптонуулар жөнүндө билдирет. Күн сайын кыргыз-өзбек чек арасынын көзөмөл-өткөрүүчү түйүндөрүнөн жүздөгөн адам жумушка, мейманга өтүп турчу. Кыргызстандагы окуялардан кийин чек ара жабылып калды.

«Бизде сактануу чаралары күчөтүлүп жатат, мисалы, прокуратураны кайтарган адамдар азыр соотчыптама кийип, мамлекеттик мекемелердин жанында унаа токтотууга тыюу салынды», - деди Кыргызстан менен чектеш Өзбекстандын чыгышындагы областтык борбору болгон Андижан шаарынын «Апелляция» укук коргоочу коомунун төрагасы Саиджахон Зайнабитдинов.

Ошол эле убакта кыргыз сценарийи боюнча массалык каршылык акциялары Өзбекстанда болушу мүмкүн эмес деп ишендирди Зайнабитдинов, анткени атайын кызматтар жарандарды кыраакылык менен кайтарат.

«Бизде баары тоталдык көзөмөл астында. Өлкөдөгү кырдаалды териштирүүнүн жазгы кампаниясы башталды. Жарандарды бирден прокуратурага чакырып суракка алып жатышат»,- дейт андижандык атуул.

Интернет мүмкүнчүлүгү чектелген, көптөгөн россиялык жана борборазиялык веб-булактар тосмолонгон коңшу Түркмөнстанга Кыргызстан жөнүндө маалымат баары бир жетти.

«Ашхабаддын көчөлөрүндө полициялык күзөт күчөтүлүп, кечке маал адамдардын документин текшерип жатат», - деди NBCАнын баяндамачысы.

Болгарияда жашаган түркмөн диссиденти жана укук коргоочусу Таджигуль Бегмедова, “коңшу Кыргызстанда көп студенттер окуп билим алат, алар бул борбор азия өлкөсүндө болуп жаткан окуяларга күбө болуп жатышат, андыктан бийлик кооптонуп турат”,-деди.

«Түркмөн бийлиги тынч уктай албай калды. Окуя алардын тынчын алып жатат. Бирок эл дуба окутулуп койгондой Кыргызстандагы кырдаалга шайкеш пикирде боло албайт. Анткени эл өз пикирин айтуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган. Андыктан кыргыз окуясы Түркмөнстанда кайталанат деп кооптонбой эле койсо болот», - деген ойдо Бегмедова.

Душанбелик саясат таануучу Рашид Абдулло, Кыргызстандагы коомдук-саясий окуялар Борбор Азия өлкөлөрүнүн экономикалык карым-катнашына терс таасирин тийгизээрине кооптоноорун айтты.

«Сугат маалы башталды. Талааларды сугарууну ойлонуу керек. Кыргызстан Тажикстандай эле негизги борбор азия дарыяларынын башында турат. Биз сууну кое берүүдө тыгыз кызматташып турчу элек. Эми кандай болот, азырынча белгисиз. Албетте, мындай окуя болуп жатканда сугатты ойлобой каласың».

Казакстандык адис Ярослав Разумов, Кыргызстандагы окуялар “мыйзам ченемдүү жана аргасыз боло турган көрүнүш” экенин билдирди. Бирок бул аймактын Казакстан жана башка өлкөлөрүнө эч кандай таасирин тийгизбээрин айтып ишендирди.

«Кыргызстан бирөөгө коркунуч жарата тургандай анчалык чоң жана күчтүү өлкө эмес. Аймакка да күчтүү таасирин тийгизе албайт. Ал азыр коңшу мамлекеттердин колдоосуна абдан муктаж», -деп аяктады Разумов.

(Макала National Endowment for Democracy.) фонду каржылаган “Борбор Азиянын жаңылыктар тизмеси” долбоорунун алкагында даярдалды.

## АТАЙЫН РЕПОРТАЖ

# Кыргызстандагы негизги билим алуу базар шартында өзгөрүүлөргө муктаж

***Билим берүү тутумунун деңгээлинин төмөндөшүн адистер мамлекет тарабынан каржылоонун жетишсиздигинен жана акыркы 20 жылда билим берүүдөгү түп-тамырынан реформалоонун жоктугунан көрөт.***

Кыргызстандагы март айындагы кезектеги парламенттик угуулар балдардын билим алуу мүмкүнчүлүгүнө арналды. Атайын түзүлгөн депутаттык комиссия жарым жылдын ичинде балдардын билим алууга укугун сактоо жана ишке ашыруу боюнча Кыргызстан мыйзамын аткаруу тармагында өлкө ичиндеги 31 мектепти текшерип чыкты.

Парламенттик угууларга бул темада Кыргызстандын аймактарында IWPR уюштурган бир нече тегерек столдор түрткү болду.

IWPR менен болгон маегинде Убактылуу депутаттык комиссиясынын төрайымы Гүлжамал Султаналиева, парламентарийлер акысыз билим алуу конституциялык укугун сактап калуусун максат кылып коет. Көз карандысыздыкты алгандан бери билим берүү тутумун коммерциялаштыруунун натыйжасында бул укукту колдонуу колунда жок үй-бүлөөлөрдүн балдары үчүн кыйынчылыкка туруп калды.

Сарэсеп менен алганда Кыргызстанда 40 миңден ашуун бала мектепке барбайт. Бул сандарды 2009-жылы ЮНИСЕФтин колдоосу менен «Эл–Пикир» коомдук пикирди изилдөө борбору республикалык мектептерди изилдеп эсептеп чыкты. ӨэУлардын расмий эмес маалыматтары боюнча мектепте окубаган балдар үч эсе көп.

Президенттин алдындагы стратегиялык анализ жана баалоо Институтунун ЮНИСЕФ менен бирдикте балдар жакырчылыгы жана теңсиздиги боюнча Улуттук изилдөөлөрүнө таянсак, мектепке чейинки билим алуу мүмкүнчүлүгү Кыргызстандын балдарынын 11 пайызында бар.

КРсынын билим берүү жана илим министрлигинде белгиленгендей Бишкекке 20 мектеп, ал эми айыл жергесинде бул цифра бир нече эсеге көп.

КРнын билим берүү жана илим министрлигинин мектепке чейинки, мектеп жана мектептен тышкаркы билим берүү Башкармалыгы билдиргендей, Бишкектеги мектептер орто эсеп менен 30-50 пайызга толуп калган, анын натыйжасында борбордун айрым мектептеринде үч нөөмөттө окутуу жүрөт. Адистердин айтымында, Кыргызстандагы миңдеген балдардын билим тутуму менен камтылбай калышына мектептердин жетишсиздиги жалгыз себеп эмес.

### АКЫСЫЗ БИЛИМ АЛУУ КАНЧА ТУРАТ

Дагы бир себептердин бирине адистер акысыз баштапкы жана орто билим алуу кепилдиги жөнүндө КР “Билим алуу тууралуу” мыйзамынын жана өлкөнүн Конституциясынын бузулушун киргизет. Чындыгында мектепте баланы окутуу абдан кымбатка туруп калат.

“Балдар укугун коргоо лигасы” ӨэУдун изилдөөлөрүнүн маалыматы боюнча мектепке кирүү салыктары мектептин мартабасына ылайык 200 сомдон ($4,5) 20 миң сомго($454) чейин барат. Кабыл алгандан кийин ата-энелер ай сайын 100 сомдон ($2,3) 600 долларга чейинки акча төлөп турушат. Бул маалыматты 2009-жыл үчүн балдардын билим алуудагы укугу жөнүндө КРнын мыйзамынын сакталышы боюнча убактылуу депутаттык комиссия өз мониторингин жүргүзүнүн негизинде атады. Мындай салыктар шаардын жана айылдын айрым мектептерине мүнөздүү.

Адистер белгилегендей, билим берүү мекемелериндеги балдарды окутуу жана багуудагы чыгашанын көбөйүшү аз камсыздалган үй-бүлөөлөргө кыйынга туруп калды. Улуттук сарэсеп комитетинин маалыматында Кыргызстан боюнча орто айлык акы 2009-жыл үчүн 6009 сомду ($136), ал эми борбордо 8777 сомду ($199) түздү.

«Мурун биз мектептин ремонту үчүн жыл сайын акча төлөп турсак, азыр эми класстын ремонту үчүн да төлөп калдык. Андан тышкары ай сайын класс үчүн чака-челек, шыпыргы жана башка шаймандарга акча чогултабыз. Ага айлыгымдын үчтөн бир бөлүгү кетет. Окуусун төлөйм деп эки жумушка орношууга аргасыз болдум», - дейт IWPRге берген интервьюсунда борбордук мектептин окуучусунун энеси.

Мектептерде салыктарды мыйзамдаштыруу үчүн Коомдук фонддор түзүлүп, ал эми чогулткан каражатты “кайрымдуулук салыктар” деп атап коюшту. Би-



рок ата-энелердин арыздары боюнча, чогултуулар өз эрки менен болгон жок. Ата-энеси төлөөдөн баш тарткан баланы басымга алып, мектептен чыгарып койгонго чейин барышат.

«Эгер ай сайын акча чогултуп бербесеңер, балаңарды башка мектепке которгула деп ачык айтпаса да, ошондой мазмундагы сөздөрдү айтып жатышат. Ачык айтпаганы менен баламды чыгарып салууга шылтоо табышат», - деди гимназиянын окуучусунун энеси.

Ал башка ата-энелердей эле мектеп башкармалыгы менен чырдашкысы келбейт, андыктан бул укук бузууларды тиешелүү көзөмөл органдарына билдирген жок. Арийне, мындай ата-энелердин балдары басымга дуушар болот.

"Балдар укугун коргоо лигасы" ӨэУнун маалыматы боюнча окуучулар мугалимдер тарабынан психологиялык басыга кабылат. Бул сын сөздөр, кемсинтүү, басмырлоо жана башка эмоциялык зомбулукка дуушар болот.

Мектеп психологу Татьяна Молчанованын сөзүндө, бул зомбулуктун түрү көп тараган, баланын өөрчүшүнө залалын тийгизген көрүнүш.

Базар шартында мектеп менеджменти.

90-жылдардын биринчи жарымында Кыргызстанда акы төлөнүүчү билим берүүчү кызматтар киргизилген. Бул кошумча сабактан тышкаркы убакта өтүүчү жана бюджет класстар менен бирге, билим берүүнүн мыкты шарттары кепилденген контракт класстар пайда болгон.

Адистердин пикиринде, кыргыз мыйзамдарында өз эрки менен мажбурлоону так бөлүү мааниси жок, андыктан бул паракорлукка жагымдуу шарт түзөт.

«Катталган салыктар - бул мектеп башкармалыгынын ашыкча каалоосу. Ата-энелерден түшкөн акча каражаттын көлөмү өтө чоң, бирок чыгымдар чындыгында көзөмөлдөнбөйт», - дейт "Балдар укугун коргоо лигасынын" жетекчиси Назгүль Турдубекова.

Өз кезегинде айрым мүдүрлөр "кайрымдуулук салыктардын" чогултулушу зарыл иш-чара, анткени мамлекеттик каражат эч нерсеге жепей жатканын түшүндүрүшөт.

2010-жылы КР казыналык чыгашаларынын билим берүү тармагына корогон үлүшү 7,2 млрд. сомду ($164 млн.) же ИДПнын 3% түздү. Парламентарийлер жана ӨэУ белгилегендей, мамлекет билим берүү тармагын "калдык принциби" боюнча каржылайт.

«Бүгүн мектеп мүдүрү бизнесмен болуп кетти. Окуу программаларын иштеп чыгуудан тышкары, ал каржылоо менен алектенип, мектеп түтүктөрүнөн суу акпаарын аңдыйт. Азыркы кырдаалда бүтпөгөн каржы-чарбалык суроолор орто мектептин жетекчилеринин жумуш убактысынын бир топ бөлүгүн ээлейт», - деди "Биздин укук" коомдук фондунун кеңешчиси Калича Умуралиева.

Борбордук №62 гимназиянын мүдүрү Людмила Байбородинанын пикиринде, каржылоонун жетишпегендигинен окуучулар өзүлөрү жабыркайт. Мугалимдин төмөн айлык акысынан мектептер адистердин жетишпегендигин өтө курч сезүүдө. Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматы боюнча башталгыч мугалимдин айлыгы эки миң сомду түзөт ($45).

«Бизде көп ардагерлер иштейт, анткени жаш мугалимдер мындай жарыбаган айлыкка келгиси жок. Мугалимдердин да балдары бар. Аларды багууга каражат керек. Ошол себептен мугалимдерге ата-энелер чогулткан акчадан кошумча айлык төлөп беребиз», - деди Байбородина.

КР Парламентинин депутаты, Социал-демократтык фракциянын мүчөсү Ирина Карамушкина мурун өзү мектепте окутуучу болуп иштечү, айлык маселеси менен жакшы тааныш.

«Бүгүн мугалим күнүмдүк дептер текшерүүгө болгону 15 сом($0,3) алат. Класста орточо эсеп менен 30га жакын бала бар. Бул акча аткарылган жумуштун көлөмүнө төп келишпейт», - деди депутат. Билим берүү жана илим министрлигинде билдиргендей, өлкөнүн кээ бир мектептеринде класста 46 окуучу бар. Бул иш жүзүндө мүмкүн болгон нормадан эки эсе көп.

Мамлекет тарабынан кошумча каражат киргизүү программалары бир нече жолу киргизилген, бирок бири да күткөн натыйжаны алып келген жок. Алардын бири "Жаш мугалим" сыйлык программасы болду. Ал кошумча каржылоо жаш мугалимдерди аймактарда колдоого максатталган.

Билим берүү министрлигинин маалыматы боюнча, ал программа башталганы аймактык мектептерге 600 мугалим жиберилген.


Бирок, Калича Умуралиеванын айтымында, мындай мамлекеттик колдоо өлкөдөгү окутуучу адистеринин жетишсиздиги менен түзүлгөн көйгөйдү чече албайт, анткени инфляцияга салыштырмалуу кошулган акча абдан аз.

**КӨЗӨМӨЛ КЕҢЕШ**

Мыйзамсыз салыктардын маселесин чечүү максатында балдардын укугун коргоо уюмдары көзөмөл кенештерин киргизүүнү демилгеледи. Алардын иши мектеп казынасын көзөмөлгө алып, мектептин каржы операцияларын калың коомчулукка-мугалимдерге, ата-энелерге, ӨэУдарга, билим берүү органдарына ачык билдирип туруусин шарттайт.

Өлкөнүн кээ бир мектептеринде мындай органдар тажрыйба жүзүндө иштеп жатат. Бирок жалпы долбоор быйыл парламенттик угууларда демилгеленет. Көзөмөл кеңештеринин долбоорунун демилгечилиринин бири Калича Умуралиеванын оюнда, бул программа билим берүү тармагынын базар мамилелерине өтүшүнүн эң цивилизациялуу жолу.

Көзөмөл идеясы Кыргызстан үчүн жаңы болгондуктан, талаш-тартыштарды жаратууда. Жаңы тутумдун түзүлүшүнүн каршылаштары, бул иш каражатты коротуу жолун татаалдантат деген ойдо. Андан башка, көзөмөл айыл мектептеринин ишине тоскоол болот, анткени айыл мектептери мыйзамсыз салык маселеси менен тааныш эмес.



«Аймактарда мектептер жергиликтүү шаардык казынадан каржыланып камсыздалат. Бизде ата-энелер тарабынан кошумча жардам акча чогултууга зарылчылыкгы жок», - дейт Чүй областынын Ысык-Ата районунун мектеп мүдүрү Раби Чекиева.

**МИГРАНТ БАЛДАР**

Балдардын эң алсыз катмары – ички мигранттардын балдары. Алардын 80 пайызы балдар эмгегин пайдаланууга тыюу салынган мыйзамга карабай, бул же тигил себептер менен иштөөгө аргасыз.

Андан тышкары, мигранттардын үй-бүлөөсү көп учурда жашаган жеринен каттоо маселелерине кабылат. Баланы мектепке киргизүүдө каттоо милдеттүү документ болгону менен, кээ бир мүдүрлөр катталбаган балдарды мектепке кабыл албайт.

Балдар үчүн дагы бир маселе мектепке кирүү же айылдык мектептен шаардык мектепке кирүүдөгү тестирлөөдөн өтүү.

Былтыркы жылдын август айында Кыргызстан билим берүү жана илим министри мектептен мектепке өтүүдөгү тестирлөөгө тыюу салган буйрукка кол койгон. Анткени теңдөө принциби боюнча шаардык мектептер айылдыктардан эч айырмасы жок. «Бирок көп мугалимдер бул буйрукту угуп да койбоптур. Анан, албетте, аны аткарган да эмес», - деди Раби Чекиева.

Борбордун мектептеринде мектепке киргизүүдөгү тоскоолдуктардын бири - кирүү салыктары. Тандалма мектептер толуп калып, балдар жашоо каттамы боюнча мектепке кире албай калат. Укук коргоочу Назгүл Турдубекова, "тандалма мектептер сапатына жооп бербейт, бул жөн гана коммерциялаштыруу аракети", - деди.

**БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ӨЗГӨРҮҮЛӨР**

Адистердин пикиринде, бүгүнкү күндөгү эл агартуунун төмөн деңгээли бир нече жылдан кийин келечекте адистердин сапатына залалын тийгизет. Демек, билим берүүдөгү маселелер өлкөдөгү социалдык-экономикалык абалына зыянын тийгизет.

«Мамлекет өзүнө өзү көр казып жатат. Сабатсыз адистер иштеп, иш билги кесипкөй адистер өлкөдөн кетип калат. Анткени бул жерде алар өзүн бага албай калды », - деди Калича Умуралиева.

КРнын билим берүү жана илим министри Абдылда Мусаевдин айтымында, бүгүнкү эл агартуу үзүрлүү өзгөрүүгө муктаж. Азыр министрлик убактылуу депутаттык комиссия менен бирдикте билим берүүнү өөрчүтүү стратегиясын иштеп чыгууда. "Өзгөрүүлөр бир заматта болуп калбайт. Биз бүгүн жасап жаткан иш 5-10 жылдан кийин натыйжасын берет», - деди министр.

"Балдар укугун коргоо лигасынан" Назгүл Турдубекова, эл агартуудагы маселени чечүүдө Билим берүү министрлиги жарандык коом менен кызматташканы жакшы жышаан экенин айтты.

«Бизде жакшы жана туура мыйзамдар бар. Бирок алар аткарылбайт. Азыр биз алардын жөнгө салынышын жана аткарылышын көзөмөлгө алышыбыз керек. Алар эки тарапты тең - ата-энелерди да, мугалимдерди да канааттандырышы зарыл», - деди КРнын парламентинин депутаты, Коммунисттер фракциясынын мүчөсү, балдардын билим алууга укугун сактоо жана ишке ашыруу боюнча Кыргызстан мыйзамын аткаруу тармагында Убактылуу депутаттык комиссиясынын төрайымы Гүлжамал Султаналиева.

Адистер кошумча демөөр каражат чогултканга мажбур болгон мектептерде, ата-энелерден түшкөн каражаттарды аккумуляциялаган көп сандагы коомдук фонддор түзүлгөнүн такташты. Бирок парламенттик угууларда вице-премьер-министр Тажикан Калимбетова айткандай, мектептер мамлекеттик мекеме болгондон кийин акча чогултуу мыйзамсыз көрүнүш.

КРнын эсеп палатасы мамлекеттик бюджетти гана текшерет, демек, ата-энелердин өз ыктыяры менен чогултулган акчаларын эч ким көзөмөлдөбөйт. Натыйжада мектептердин мындай коммерциялаштырылуусунда аз камсыздалган үй-бүлөөлөрдүн балдары конституциялык укугуна карабай, билим алуу мүмкүнчүлүгүнөн чектелип калат.

Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрү белгилегендей, бул маселени чечүү үчүн, алар мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштоодо.

Бирок Бишкектеги өткөн парламенттик угуулар билим алуу мүмкүнчүлүгүнө болгон конституциялык укукту камсыздоодо катышуучуларды: аткаруучу органдарды, мектеп жетекчилигин, ӨэУларды бир пикирге чакыра албады.

Мисалы, парламенттик угууларда катышкан Билим берүү жана илим министри Абдылда Мусаев: «Мыйзам бузуунун айрым фактылары болушу мүмкүн, бирок аларды жалпылап, бардык билим берүү тармагына мүнөздүү тутумдуу көрүнүш деп айтуу болбойт. Биз териштирип, мектепке кирүү жоболорун кайра иштеп чыгып, балдарды мектепке кирүүдө окуу укугун бузуп, мүмкүнчүлүгүн чектебегендей чара колдонушубуз керек. Азыр базар мамилеси, ал эми социалисттик түзүлүш тарыхта калды, эгер толугу менен коммерциялык билим берүү кызматына тыюу салынса, анда билим берүү тутумунан айрылып калышыбыз мумкүн»,- деди.

***Евгения Ким, Бишкек***



## АТАЙЫН РЕПОРТАЖ

# Тажикстан: ажырашуудан кийин аялдар баарынан кур калат.

***Мыйзам боюнча бардык жарандарга бирдей укуктар каралган, бирок көптөгөн аялдар ажырашкандан кийин күйөөсүнүн бардык мүлкүнө ээ боло алаарын билишпейт .***



«Күйөөсү Россиядан чалып, ажырашаары жөнүндө айткандан кийин Азизанын турмушу такыр өзгөргөн. Ал күндөрдү эстеп, “кайненем мени ошол замат балдарым менен эшикке кууп чыккан”, - дейт Азиза.

Анын айтымында: “Сени экинчи өзүмдүн үйүмдө көрбөйүн, бул жерден кетип ата-энеңдикине барып жаша”, – деп кошумчалаган кайненеси.

Көптөгөн Тажикстандын аялдарындай эле 24 жаштагы Азиза, үйлөнүү тоюнан кийин жолдошунун үйүнө көчүп келген. Ал үйдө күйөөсүнүн агалары да аялдары менен жашачу. Жүздөгөн тажик эркектериндей эле күйөөсү Россияга нан табуу максатын көздөп кеткенден кийин жаш аялга жолдошунун бир туугандары тарабынан кысым көрсөтүлө баштаган.

Башында жолдошу Россиядан акча салып турчу, бирок кийинчерээк анысын да токтоткон. Ошондон кийин кайын журту Азизанын эки баласы менен алардын моюнунда отурганына наараzы болушуп, үйдө отурбай, жумушка орношуусун талап кыла баштаган.

Эми Азиза ата–энесинин үйүнө да батпай калмак болду. Анын үч иниси бар. Жакында алар да үйлөнүп, адаттагыдай үйгө келинчектерин ээрчитип келишет.

Тажикстандын мыйзамдарына ылайык, ажырашкандан кийин күйөөлөрү аялдарына алимент төлөп бериши зарыл. Бирок, тилекке каршы, Азиза тажик аялдарынын басымдуу бөлүгүндөй эле күйөөсү менен мусулман каада салты боюнча нике кыйып, бул никесин расмий түрдө каттаткан эмес. Ошондуктан мыйзам алдында бул аял никесиз деп саналат. (бул маселе тууралуу кененирээк кийинки макаладан окуй аласыз – Тажикстан: нике анты аялдардын корголушунун кепилдиги боло албайт, RCA № 564, 30-январь, 2009-жыл.)

Юрист Саодат Шарипованын айтымында, мыйзамдаштырылбаган никелер ажырашуудан кийин аялдардын үй-бүлөөдөгү чогуу тапкан мүлкүнө жана алиментке болгон укугун жокко чыгарат. Бирок, никелешүү тууралуу күбөлүгү бар туруп деле, аялдын мүлк бөлүүгө мүмкүнчүлүгү жок, анткени күйөөсү менен жашаган чоң үй күйөөсүнүн ата-энесине таандык, ал эми аял жада калса бул жашоо аянтында катталган эмес.

Тажикстандын юрист-айымдарынын Лигасынын аткаруучу мүдүрү Зебо Шарифова, анын уюмуна ажырашуудан кийин мүлк бөлүүгө наараzы болуп доомат коюусуна жардам берүүсүн сурап көп аялдар келгенин айтты.

Тажикстан аялдарынын Комитетинин алдында түзүлгөн «Бовари» каатчылыкты чечүү борборунун мүдүрү Гульнора Ахророва, көп ажырашкан аялдар никелешкени тууралуу күбөлүгү бар туруп дагы, өз алдынча доомат коюуга юридикалык акысы менен жетишээрлик деңгээлде колдоно албаганын ырастады.

«Ажырашуудан кийин аялдарды балдары менен көчөгө чыгарып коюшат, өз кезегинде алар өз кызыкчылыгын сотто жактап күрөшүүдөн көрө, кың дебей баш ийип берет», - деди Ахророва.

Ахророва Тажикстандын түштүгүндөгү Яван районунун тургуну Мохтоб аттуу айымдын жакында эле болгон окуясын эске салат.

Башка көптөгөн аялдарга салыштырмалуу, Мохтоб расмий түрдө турмушка чыгып, ажырашканга чейин үч балалуу болгон. Алар жашаган үй кайын атасынын наамына жазылгандыктан, күйөөсүнүн туугандары ажырашуудан кийин үйдөн чыгып кетүүсүн талап кылышкан.

Азыр ал мечитке келген адамдардын кайрымдуулугунун эсебинен жашайт.

«Биз ага арыз жазууга көмөк көрсөтүп, кайрыла турган мекемени кеңештедик. Анын кызыкчылыгын сотто жактоо үчүн адвокат таап бердик. Эгер маселе

жергиликтүү деңгээлде чечилбесе, биз аны республикалык деңгээлде чечүүгө жардам беребиз» , - деди Ахророва.

Ахророванын айтуусунда, элет жериндеги аялдар билиминин деңгээлинин төмөндүгүнөн жабыркаса,шаарда деле мындай учурлар байкалат.

«Кээде аялдын паспорту, балдарынын күбөлүгү жок болуп, ажырашуудан кийин кандай укуктарга ээ экенин билбеген учурлар да аз эмес», - дейт ал.

Турмушка чыкты деп эсептелбеген экинчи, үчүнчү - токол аялдардын катмары бар. Советтер Союзу кулаганы, өлкөнүн мамлекеттик диний эмес мыйзамы тыюу салганына карабастан, мусулмандык диний салт менен никелешүү түрүндө көп аял алуунун саны көбөйдү.

Көп аялдар үчүн мындай никелер - аргасыз кадам. 1992-97-жылдары болгон жарандык согуш 25 миңге жакын аялды жесир калтырды, ал эми жаш курагы жеткен кыздар экономикалык колдоосуз жана социалдык камкордугу жок калды. Эркектер азыр деле жетишпей жатат, анткени Тажикстандын жүз миңдеген эркек адамдары Россияга жана Казакстанга жумуш издөө максатында кетип калган.

Экинчи аял күйөөсү менен ажырашканда же кокусунан шейит кетсе - алиментке, мүлктүн кандайдыр-бир бөлүгүнө же мураскорлукка укугу жок.

Юрист Каюм Юсуфов бийлик тарабынан катталбаган никеси бар аялдын атынан доомат жазып, иш козгоо кыйын экенин айтат.

«Мындай учурда ал күйөөсү менен чогуу жашагандыгын, чогуу чарбачылык алып жүргөндүгүн далилдеген күбө табуу керек. Ал аялдарга жардам берүү өтө кыйын. Бирок сот алданган, бактысыз аялга колдон келишинче жардам берүүгө болгон аракетин жумшайт. Эркекке көчөдө мурунку аялы эмес, өзүнүн канынан чыккан балдары калганын эскертет», - деди ал.

Юсуфов Тажикстандын мыйзамына ылайык, балдар мыйзамдуу никеден төрөлдүбү же жокпу, мураскорлукка бирдей укуктуу экенин эскертет.

Тажикстандын өкмөтү ажырашкан аялдардын бул көйгөйү жөнүндө жакшы билет жана чечүүгө аракет кылат.

«Ажырашуулардын санынын көбөйүшү, бизди талак айтуудан кийин корголбой калган аялдарга жардам берүүгө мажбурлады. Бул сурообоюнча президенттин колдоосуна абдан ишенем» , - деди 11-январдагы пресс-конференцияда өлкөнүн өкмөтүнүн алдында түзүлгөн жаштар иши боюнча Комитеттин башчысы Хайринисо Юсуфи.

Юсуфи жубайларга никеге туруунун сөзсүз шарты катары никеге чейинки келишим түзүүнү кеңештейт.

Тажикстандын калкынын көбү суннит исламын тутат, андан башка мусулман-исмаилит, христиан жана бөлөк динге ишенген адамдар да бар. Мусулмандар чөйрөсүндө молдо тарабынан бата алып, нике кыюу салты никеге туруу үчүн жетиштүү болгон. 2007-жылы өкмөт мамлекеттик никелешүүнүн каттоосу жок диний салт аткарууга тыюу салган мыйзам кабыл алды.

Жаңы мыйзам катталбаган никелердин санын кыскартты, бирок аны сактоо үчүн чара көрүү керек, деп санайт коомчулук. Юсуфовдун пикиринде, адамдарды алардын укугу жөнүндө маалымдоо зарыл.

«Бизде бул мыйзамды бузуулар өтө көп. Молдолор жаш жубайлардын ата-энесинин же туугандарынын “жаштар кийин сөзсүз ЗАГСка барат”, деген сөзүнө ишенип калат. Кийин эмне болоору белгисиз» , - деди ал.

Тажик парламентинин мүчөсү, белгилүү диний кызматчы Ходжи Акбар Тураджонзода 1990-1995-жылдар Жогорку Кеңештин депутаты болгон кезде молдолорго мамлекет атынан нике кыюуга уруксат берүүнү сунуштаганын айтат, бирок анын идеясын эч ким колдобой койгон.

Тураджонзода, мыйзамдан тышкары ислам деле эркек адамга нике учурунда да, талак айтканда да аялын камсыздоону талап кылаарын билдирди.

Ал, нике кыюуга чейин мүлктүк укуктун кагаз түрүндө кепилдемеси бар экенин келиндин туугандары текшерип көрүүсү керектигин айтты.

«Эгер нике келишими Европада 100 жыл мурун кеңири колдонула баштаса, исламда мындай тажрыйба 1400 жыл мурун эле болгон», - деди ал.

Туранзоданын айтымында, эгер айым экинчи аял болуп барууну чечип, бирок никени расмий каттай албаса, мусулман мыйзамдары боюнча күйөөсү аялга өзүнчө турак жай даярдоосун талаптайт. Ал эми келиндин туугандары күйөө баласынан күтүлбөгөн кырдаал - ажырашуу же кокус кырсыктан сактанып, кагаз түрүндө мүлктүк укук жөнүндө келишим алып коюу зарыл экенин кайталады.

«Иш жүзүндө баары башкача болуп жатат, бирок аял күйөөсү экөөнүн диний никелешүүдөгү күбөлөрүн чакырып, чогуу тапкан балдарына аталыгын айтып, мүлккө укугу бар экенин далилдесе болот», - деди ал.

***Наргис Хамрабаева,***
***Душанбе***

## ТАЖИКСТАНДА КЫЗДАР МЕКТЕПТИ КАЛТЫРАТ

***Балдарга караганда кыздардын билим алуусунун зарылчылыгы жоктугу жөнүндө пикирлер каражат маселесине кошумча болду.***

Хосият Наджмиддинованын эки кичүү кызы мектепти бүтпөй калышы мүмкүн, анткени апасы билим алуу эркек балдарга гана тиешелүү иш катары көрөт.

«Чынын айтсам, балдарым мектепке кийгенге кийими жок. Андан башка аларга мектеп куралдары керек, ал эми менин аларды сатып алууга мүмкүнчүлүгүм жок», - деди өлкөнүн борбору Душанбе шаарынын тургуну , алты баланын энеси.

Наджмиддинованын күйөөсү жүз миңдеген мекендештериндей эле Россияга акча тапканы кеткен. Үч ай мурун ал үйүнө акча салбай калганы, анын үй-бүлөөсү негизги киреше булагынан айрылды.

Аялдын эки улуу кызы, Сайера жана Мафтуна, тогузунчу классты бүтүрүп эле мектепке барбай калды. Тогуз класс - өлкөдөгү негизги билим алуунун мөөнөтү.

Бул мөөнөттө бала мыйзамдуу түрдө билим алуусун токтотуп койсо болот, бирок кыздан “бүтпөгөн орто билими жөнүндө” диплом алат, ал жогорку билим алууга жетиштүү эмес.

Эки кичине кызына мектепке барганга али эрте, бирок Наджмиддинова аларды мектепке жиберүүгө аракет да кылбайм, ал эми балдар сөзсүз мектепке барышы керек, анткени кыздар эмес балдарым кийин үй-бүлөөнү багат, дейт. Сайера кызына үйдөн кол кабыш кылып жардам берет, Мафтуна кафеде иштейт.

Наджмиддиновалардын үй-бүлөөсүндөгү кыздарды мектепти бүтүрбөй эле чыгарып алуу акча каражат маселесине байланыштуу, келечекте пайдасыз инвестиция катары каралып көнүмүш үлгүгө айланды.

Өзгөчө айыл жергесинде, балдарга караганда кыздар мындай кырдаалга көп кабыл болот.

БУУнун балдар фонду (ЮНИСЕФ), 2008-жылы кыздардын 25% мектептин тогуз классын бүтпөй эле таштап койушкандыгы жөнүндө билдирет. Көп учурда алар баштапкы мектептин төрт классын бүтүрүп он жашка чыгып-чыкпай эле таштап коюшат. Ошол эле жыл боюнча билим берүү министрлигинин маалыматы боюнча тогуз класс окуган он кыздын төртү дагы эки жыл окуу мүмкүнчүлүгүн колдонбой мектепти таштап коюшкан.

Балдар эмгегин колдонууга расмий түрдө тыюу салынганы менен, мектепти таштап койгон кыздар, үй чарбачылыгында элет жергесинде жашагандар - талаада, шаарда жашагандар башка жумушка орношуп жатат.

Былтыркы жылы Бойго жеткендерди агартуу боюнча Тажикстан Улуттук борбору Душанбедеги балдар эмгегин мониторингдеп, анын натыйжасында 230 кыздын ичинен 80 кызы белгиленген мөөнөттөн мектепти эрте таштап кеткен.

“Алардын кээ бирлери төртүнчү класска чейин эле окуган, ал эми калгандары мектепке эч качан барган эмес”, деди изилдөөлөрдүн координатору Ирина Щаснович. Бул тизмеге негизинен көптөгөн мекендештериндей эле ата-энелери чет өлкөдө иштеген же айыл жергесинен шаарга жумуш издеп келген жайсыз“ички мигранттардын” балдары кирет.

Тажикстандын мыйзамдарына ылайыктуу, балдардын тогуз жылдык милдеттүү түрдөгү билим алуусуна тоскоолдук кылуу кылмыш жазага тартылат, андыктан акыркы эки жылдан бери, балдары билим алуу менен камтылбаган бир нече ата-эне айыпталып, сот аларды бир нече миң доллар жазапулга тартты.

Балдарды мектептен чыгарып алуунун же кыздар менен эркек балдардын ичинен мектепке бараарын тандаганда уулдарына тартып койгондорунун бир себеби - акча каражаты. Щаснович белгилегендей, кээ бирлери балдарын мектепке каттатпай да коет.

Щасновичтин айтымында, бул балдардын айрымдарын мектепке кайтаруу үчүн, ал жүргүзгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгы билим берүү министрлигине жөнөтүлүп, ал эми борбордо тарбия иштери боюнча мүдүрдүн орун басарлары менен семинар өттү.

«Мугалимдердин жардам иш-аракеттерине карабай, биздин тизмедеги кээ бир балдар азыркыга чейин окууга келе элек».

«Бонувони фардо» («Келечек айымдар») коомдук уюмунун координатору Дилором Джаббарованын баамында, аймактагы узакка созулган экономикалык каатчылыктын кесепетинен көп үй-бүлөөлөрдүн, алардын ичинде мигранттар жана айыл тургундарынын турмуш абалы абдан начарлады.

Тажикстандагы мамлекеттик билим алуу акысыз, бирок Джаббарова белгилегендей көп үй-бүлөөлөр мектеп формасын жана башка окуу буюмдарын сатып алууга мүмкүнчүлүгү жок. Биринчи класска бара турган баланын минималдык себили 50 долларды түзөт, аны менен бирге Тажикстандагы орто айлык акысы 60 долларды түзөт. Өлкөнүн калкынынын жарымынан көбү Дүйнөлүк банк белгилегендей, жакырчылыктын чегинде жашайт.

Апасы кыздарын өз эрки менен мектептен алып кеткен Наджмиддинованын үй-бүлөөсүнүн абалындай, үй-бүлөөлөр кабылган катаал экономикалык тандоону көңүлгө алып бул жагдайга таң калбай койсо болот. Эркек балдары үйлөнгөндө, өзгөчө айыл жергесинде, алар ата-энесинин үйүндө калат,  ал эми кыздар күйөөсүнүн бүлөөсүнө барат, демек, өз ата-энесинин турмушунда алар чоочун болуп калат-деген түшүнүк болот.

Университеттик билими бар аялдар ассоциациясынын төрайымы Гульджахон Бобосадыкова мындай салттуу көз караш өкмөттүн жана башка тараптардын кыздар үчүн билим алуу мүмкүнчүлүгүн түзүү иш-аракетинин оңунан чыкпай калганынын себеби, деп билет.

«Кыздарды жакшы күйөөгө тийип, үй кызматын тың аткарып, эрине баш ийип, бала төрөгөнгө тарбиялашат», - дейт Бобосадыкова.

Мектепти таштап кеткен кыздардын көп саны жогорку билимдүү кыздар саналуу экенин далилдейт. Жогорку билимдүү кыздардын саны 1991-жылы 34% пайызды түзсө, Советтер Союзу кулап, Тажикстан көз карандысыз мамлекет болгону өткөн окуу жылы 29% пайызга төмөн түштү.

1997-жылдан бери өлкөдө алыскы элет жергесинен келген кыздар үчүн жогорку билим алууга үлүш белгиленди. Билим берүү министрлигинин маалыматы боюнча, өткөн жылдын сентябрь айында өлкөнүн жогорку окуу жайларына 635 кыз кабыл алынды, ал миурунку жылдан 15% көбүрөөк болду. Үлүш менен окуган кыздардын саны, жалпы эсеп менен азыр 4500 адамды түздү.

Джаббарованын айтымында, Тажикстанда гендердик тең укуктуулукту жана коомдогу аялдын ролун жогорулатууга багытталган бир нече документ жана программага кол коюлган. Бирок, бул программалардын иш-жүзүнө ашырууда жана көзөмөлдөөдө конкреттүү орган жана түзүм болбогондуктан маселе кагаз бетинде эле калууда.

Бул репортажга сурамжылоого алынган башка адистердей эле Джаббарова, маселенин чечилиши коомдук агартуу программаларына көз каранды болот. Бул мусулмандык көз караш үстөмдүк кылган коомдо кыздарды, алардын ата-энелерин жана диний кызматчыларды билим алуунун зарылчылыгы жөнүндө маалымдоо иштерин жүргүзүү керек.

Бобосадыкова билим алуунун аброюн жана маанисин көтөрүү максатында ММКларды колдонуу зарылчылыгы керек экенин кошумчалайт.

Билим берүү министрлигинин жогорку кесиптик жана диплом алгандан кийинки бөлүштүрүү Башкармалыгынын жетекчиси Абдулхамид Нозимов,

анын мекемесинин адистери өлкөнү кыдырып, университеттеги үлүштөр менен колдонууга макулдугун алуу максатында иш-чара уюштурушууда.

«Маселени чечүү максатында ар тараптуу биргелешкен иш керек. Тилекке каршы, бирдей максаты болгону менен кыймыл - аракеттердин мындай биргелешүүсү болбой жатат».

Нозимов билим берүү секторунун башчылары жергиликтүү бийлик, прокуратура жергиликтүү ӨэУлар жана эл аралык уюмдар менен, кыздардын жана ата-энелердин маалымдуулугун жогорулатуу үчүн тыгыз иштешүү керектигин айтты.

Щаснович биргелешкен иш-чара жоктугу менен макул болот. «Көп уюмдар бул багытта иштейт, бирок ар бири өз алдынча болот. Бул маселеге бирдей мамиле жана ыраатуу аракет кылуу керек. Мисалы, бир уюм мектепти калтырган балдарды тапса, дагы бирөө аларды мектепке же билим алуу курсуна орноштурууга көмөк көрсөтүүсү керек», - деди ал.

Бобосадыкованын сөзүндө, билим алуу аялзатынын турмуш шартынын жогорураак деңгээлин жана укуктук коргонууну камсыздайт.

«Көп жылдык байкоолорума кайрылсам, билимдүү аял үй-бүлөөлүк зомбулукка азыраак кабылып, материалдык планда көз карандысыз болот. Анын үстүнө, билимдүү аял жакшы эне болот»,- деди ал.

***Нафиса Писареджева, Душанбе***

# ӨЗБЕКСТАН

## АТАЙЫН РЕПОРТАЖ

# Өзбекстанда балдар эмгеги мурдагыдай эле “салттуу” деп саналат

***Балдар эмгегин колдонуу үчүн жазалоонун катаалданышы үзүрлүү болууда деп айтуу кыйын, анткени жетекчилер аракетсиз, ал эми ата-энелер кошумча кирешеге ыраазы.***

Ҳавонинг авзойи бузилса, 13 ёшли Аъзам суюниб кетади, чунки айнан ҳаво ёмон бўлганда у автомобил ювиш орқали кўпроқ пул ишлайди. “Ёмғир ё қор ёғса, яхши – машиналар тезроқ лой бўлади, - дейди у. – Шунақа пайтларда бир кунда 5 долларгача ишлашим мумкин”.

Ўзи билан тенгдош ва ўзидан кичиқроқ болалар каби Аъзам ҳам оиласининг тангроқ бюджетига ёрдам бериш учун ишлашга мажбур. У бу ишни мактабдан бўшаганидан кейин қилади. Унинг отаси қурилишда ишлайди ва унча кўп пул топмайди, онаси эса кичик укасига қараб, уйда ўтиради.

Ўзбекистонда болалар меҳнати муаммоси халқаро матбуотда фаол ёритиб келинади. Бу мақолаларда балоғатга етмаган болаларнинг давлат хазинасига асосий даромад келтирувчи экспорт моли бўлмиш пахта етиштириш ва териш ишларига жалб қилиниши ҳақида бор ҳақиқат ошкор қилинган. 2007 йилда АҚШ ва Европа мамлакатларининг энг йирик импортчилари ўзбек пахтасидан қилинган буюмларни сотиб олмасликка чақирган, бу эса Ўзбекистон ҳукуматини 2008 йилда икки халқаро ҳужжат - Болалар меҳнатининг энг ёмон кўринишлари тўғрисидаги конвенция ва Ишга қабул қилиш учун минимал ёш тўғрисидаги конвенцияни ратификация қилиш каби ҳаракатларга туртганди.

Ўзбекистон миллий меҳнат қону-чилиги 16 ёшгача бўлган балоғатга етмаган болаларнинг ишлашини таъқиқлайди. Халқаро меҳнат ташкилоти томонидан қўлланиладиган стандартлар болалар томонидан бажарилажак иш турларини таснифлайди. Бу стандартларга мувофиқ, осон ишларни 12-13 ёшгача бўлган болалар, қийинроқ ишларни 14-16 ёшдаги болалар бажариши мумкин, “хавфли” деб таснифланган ишлар эса 18 ёшдан кичиқроқ бўлган бола учун таъқиқланган.

### РАСМИЙ ЖИҲАТДАН РАД ҚИЛИШ, ХУСУСИЙ ЖИҲАТДАН ТАСДИҚЛАШ

Икки конвенция ратификация қилинганидан сўнг ва миллий ҳаракат режаси тасдиқланганидан кейин болалар меҳнатидан фойдаланиш амалиёти бундан буён қўлланилмаслиги ҳақида расмий баёнотлар берилди. Бу баёнотлар 2008 Йилнинг кузида – ҳосил йиғимтерими мавсумида, болаларнинг пахта теримида иштирок этаётгани ҳақида гувоҳларнинг кўплаб гувоҳликлари бўлганига қарамай, янграганди.

Болаларни дала ишларига жалб қилиш пахта экиш мавсуми бўлган баҳорда ҳам кузатилди (“Ўзбекистон: пахта далаларида болалар меҳнатига чек қўйиш мумкинми?” мақоласини ўқинг).

Мазкур масала юзасидан босим остида қолган ўзбек расмийлари, агар болалар далада ишлаётган бўлса, бу фақат уларнинг ота-оналари шуни хоҳлаётгани туфайли содир бўлаяпти, демоқдалар. Ўзбекистонда пахтачилик яхши йўлга қўйилган, давлат фермерларга бу экинни қанча ва қаерда экиш бўйича кўрсатма беради, қўшимча ишчи кучи етказиб беради, кейин эса ҳосилни бозор нархидан анча пастроқ бўлган баҳода сотиб олади. Бу омиллар ҳукумат танқидчилари кўзида расмийларнинг ижобий очколарини оширмайди. Улар таълим соҳаси бўйича давлат мутасаддилари ҳалигача йиғим-терим чоғида ўқувчиларни далага олиб чиқилишига имкон бераётганини (агар ўзлари буни рағбатлантираётган бўлмасалар), мактаблар эса пахта етиштириш бўйича ўзларига режа белгилаб олаётганларини қайд этадилар.

Бундан ташқари, болалар шаҳарларда катталар ишини қилишда давом этмоқдалар. Улар дўкон пештахталари ортида турибдилар, қаҳвахоналарда хизмат қилаяптилар, пойабзал тозалаяптилар, бозор ва темир йўл станцияларида юк ташияптилар. Давлат иқтисодий фаолиятнинг бу турини бошқаришда катта рол ўйнамаяпти, айни пайтда давлат бунинг олдини олиш учун ҳам ҳеч қандай чора кўраётгани йўқ.

Тошкентдаги жамоат транспорти ширкатларидан бирининг кадрлар бўлимида ишловчи ходимаси болаларнинг автобусда паттачилик қилиши одатий ҳол эканини айтади. “Албатта буни ҳамма билади, буни қандай қилиб яшира оласиз? – дейди у. – Болаларни [рейслардан] фақат [молиявий] текшириш чоғидагина четлатадилар”.

Паттачи вазифасини одатда автобус ҳайдовчиларининг болалари бажаради. Бу болаларга катталар оладиган ойликнинг фақат бир қисми ва албатта расмий каналлар четлаб ўтилган ҳолда тўланишини айтган аёл ўз ўғлини ҳам оила бюджетини тўлдириш учун шунақа ишга жойлаштириб қўйганини қўшимча қилади.

“Мен боламнинг бунақа ишлар билан шуғулланишига ҳали жуда эрта эканини биламан, аммо бошқа иложимиз йўқ, - дейди у. – Эрим Россияга пул топиш учун кетган ва сўнгги икки ичида болаларига бир тийин ҳам жўнатгани йўқ”.

Тошкент клиникаларидан бирида ҳамшира бўлиб ишловчи бошқа бир она ҳам болаларини ишлатаётганини ўзининг фақирлиги билан оқлашга уринади. “Оиламизда тўрт бола бор, эрим иккаловимиз ишласак ҳам кўп пул топа олмаяпмиз, - дейди аёл. – 15 ёшли катта ўғлим ва 14 ёшли қизим ҳам ишлайди. Масалан, қизим мактабдан кейин касалхонада санитар аёлларга ёрдам беради”.

Меҳнат ва аҳолини ижтимоий муҳофаза қилиш вазирлигида ишловчи Ғафур Ўзбекистон болалар азалдан оила ишларида ота-оналарига ёрдам бериб келганини айтади. “Ўзбекистонда, айниқса, қишлоқларда болалар доим ота-онасига ёрдами бериб келган, - дейди у. – Қишлоқ жойларда бу ҳолат болалар ҳуқуқининг бузилиши сифатида қабул қилинмайди, бу шаҳарликларнинг ҳафтада бир марта болаларини олиб, боғ ёки киного боргани каби у ерларда одатий ва табиий ҳолат. Бу болаларнинг ўзлари учун ҳам табиий ҳол. Бу бир жиҳатдан анъаналаримизнинг бир қисми, бошқа бир жиҳатдан бу у ерда бошқа шуғулланадиган машғулотнинг ўзи йўқлигидан ҳам келиб чиқади”.





## ЖАЗОНИНГ ЯНГИ ТИЗИМИГА ИШОНЧСИЗЛИК БИЛАН ҚАРАШ

2010 йилнинг 1 февралидан болаларни соғлиғи ва хавфсизлигига зарар етказилиши мумкин бўлган ишларда ишлатган ота-оналар ва ишга ёлловчиларга 120 АҚШ долларидан 245 АҚШ долларигача жарима солишни кўзда тутувчи тузатишлар кучга кирди. IWPR томонидан сўралган таҳлилчилар қонун ўтган йилнинг ноябр ойида парламентнинг қуйи палатасидан ўтганидан кейиноқ бу чоранинг самара бериши юзасидан шубҳа билдирдилар. Чунки улар бу каби амалиётга расман таъқиқ қўйилганига қарамай, 2009 йил кузида далаларда ишлаётган болаларни кўрганларини назарда тутгандилар. (Бу ҳақда “Ўзбекистон: расмийлар болаларни эксплуатация қилганларга жарима солмоқчилар” мақоласида батафсилроқ ўқинг).

“Менга нима учун жарима соларкан? – дейди Тошкентнинг Фарғона бозоридаги ошхона хўжайини Қудрат Валиев. Унинг 15 ёшли қизи Малика барда туради, унинг икки кичкина фарзанди ҳам ошхонада отасига ёрдам беради. – Ўз фарзандларимни меҳнатдан қочмайдиган қилиб, ота-онасига ёрдам берадиган қилиб тарбиялаганим учунми? Мен унинг мактабдан бўш пайтида ишламаслиги учун бирор сабаб кўрмаяпман”.

Тошкентдаги ширкатлардан бирининг аудитори жорий қилинган жазолар балоғатга етмаган “ишчилар” ҳеч қайси ҳужжатда кўрсатилмагани учун ҳам наф бермаслиги айтади. “Ҳеч қайси иш берувчи балоғатга етмаган болани расман ишга олмайди, аммо у ҳужжатсиз ишлаб, бухгалтерияни ай-

ланиб ўтган ҳолда маош олса, бунга кўз юмиши мумкин”, - дейди у.

Тошкентдаги Мустақил ҳуқуқ ҳимоячилари ташаббус гуруҳи раҳбари Суръат Икромов болалар оммавий равишда пахта теримига олиб чиқилганидан кўра иш берувчи балоатга етмаган бола меҳнатидан фойдаланганлигини исботлаш қийинроқ эканини айтади. “Агар мактабни ёпиб, болаларнинг ҳаммасини далага ҳайдашса – бу мажбуран ишлатиш бўлади, - дейди Икромов. – Аммо балоғатга етмаганлар ўз ота-онасининг даласида ёки унинг дўкони, қаҳвахонасида ишлаётган бўлса, буни қандай таърифлаш мумкин? Буни болалар ҳуқуқининг бузилиши сифатида қандай баҳолаш мумкин?”

**ИШЛАЁТГАН БОЛАЛАРНИ “САНАМА-СЛИК КЕРАК”, ДЕЙДИ АМАЛДОРЛАР**

Тошкентдаги Инсон ҳуқуқлари “Эзгулик” жамияти ходими Абдураҳмон Ташанов болалар меҳнатига қарши қонунчилик амалий натижа беришига шубҳа қилади. Унинг сўзларига кўра, қишлоқ жойларда “ҳукумат органлари, прокуратура, ҳуқуқ-тартибот идоралари болалар меҳнатидан фойдаланишга ўзлари аралашганлар. Табиийки, бу органлар ўзларини ўзлари жавобгарликка торта олмайдилар”.

Амалда, дейди у, “Ўзбекистонда болалар меҳнатига барҳам бериш учун ишлайдиган бирор механизм йўқ. Бугунги кунда мамлакатда на давлат ташкилотлари, на жамоатчилик ташкилотлари бу муаммони ҳал қилиш бўйича бирор-бир лойиҳани амалга оширишга ҳаракат қилаётганлари йўқ”.

Меҳнат ва аҳолини ижтимоий муҳофаза қилиш вазирлигининг ўз исмини айтишни истамаган ходими расмийлар болалар меҳнати кўлами ҳақида маълумотлар йиғиш билан шуғулланмаётганини тасдиқлади.

“Биз мактабда ўқиш ўрнига бирор жойда ишлаётган болалар қанчалигини ҳатто ҳисоблаётганимиз ҳам йўқ, - дейди у. - Бизда айнан шунақа муаммо йўқ, деб қаралади, шунинг учун буни ҳисоблашга ҳам ҳожат йўқ”.

*(Сўралганларнинг исмлари хавфсизлик нуқтаи назаридан тушириб қолдирилди.)*

***IWPRнинг Марказий Осиёдаги ходимлари***

# Расмий бийлик үй-бүлөөдөгү зордук-зомбулук маселесин чечүүдөн баш тартууда

***Улуттук үрп-адаттар адилеттүү сот чечимине умтулуунун ордуна үй-бүлөөдөгү ырайымсыз мамиле менен макул болууга мажбурлоодо.***

«Мен көп убакыт бою боюма бүтө албай келгем. Ал менин жолдошумдун ур-токмокко алуусунун негизги себеби болду, - деп эскерет 27 жаштагы Карамат Адылова. – Күйөөмдүн эне-атасы, жоро-жолдоштору тукумсуз аялга үйлөндүң деп жемелеп жүргөндөрүн күйөөм мурда эле айтып жүрчү».

Караматты өзүнүн эркине каршы ичкиликке берилген зөөкүр тууганына кудалап жиберишкен.

“Мен боюма бүтүп, төрөгөндөн кийин деле ал мени ур-токмокко алып, мазактап келген. Менин эне-атам ажырашуума каршы чыккандыгынан улам мен чыдоого мажбур болдум. – Эгерде мен түйүнчөгүмдү түйүп кетип калсам, аларды уятка калтыраарымды дайыма айтышчу. Мен ошондуктан чыдоого аргасыз болдум”, - дейт келин.

Бардык аялдардай эле аталган келин мындай учурда эмне кылышты билбейт.

«Укук коргоо органдарына кайрылуу кыйын, анткени алар баары бир күйөөм тарапта турушат. Мен милицияга арыз жазган күндө да демейдегидей эле алар эркектердин таламын жакташат. Кайрылганым менен жолдошума арыз жазуум туура эмес экендигин баса көрсөтүшүп, күйөөмө каршы көрсөтмө берүү жакшы жорук эместигин айтышат экен.

Ташкенттик адвокат Лайло Хамидованын сөзүндө: аялга жетиштүү маани берилбегендиги, үй-бүлөөдөгү зомбулук жана анын курмандыктарынын күрөшүүдөн коркуусу –зомбулуктун кадимки салт сыяктуу калыптанышына алып барууда.

Коркпостон сотко кайрылгандарга да оңой-олтоң боло бербейт. «Келиндин мындай кадамы уятсыздык катары бааланып, айылдын жашоочулары андай чечими үчүн келинди жемелешет», - дейт Хамидова.

Мындай учурда айыл келиндерине коом тарабынан катуу кысым жасалат. Керектүү далилдерди билүү максатында достордун, кошуналардын, керек болсо жаш балдардын берген ажыкыс суроолору келинди сотко берген арызын кайра алууга мажбур кылат.

Өлкөнүн батышында жайгашкан Бухара шаарындагы 26 жаштагы Райхон Абдуразакова 4 жыл бою көргөн кордугу тууралуу ооз ачпай келген. Аны күйөөсү катуу сабап, ооруканага жатып калгандан кийин гана укук

коргоочулардан жардам сурап кайрылган.

«Ал мени мазактап сабачы. Балдарыбызды да сабачы, - дейт келин. - Бул тууралуу ата-энем эч кимге айттырчу эмес. Кошуналарга шылдың болобуз, эгерде бирөө-жарымга же милицияга айта турган болсоң топурагыбызды түйүп беребиз»- дешчү.

Абдуразакова ооруканада дарыланып жатканда ошол эле ооруканада жаткан аял Райхонго үй-бүлөөдөгү зордукзомбулукка кабылгандарга укуктук жардам жана психологиялык кеңеш берүүчү «Ойдын Нури» аттуу жергиликтүү уюм жөнүндө айтып берди.

Ошентсе да, ал азырынча бул уюмга кайрыла элек .

Ташкенттик юрист Наталья Полянова аялдар өздөрүнүн көйгөйлөрү менен сотко чанда гана кайрылаарын айтат.

«Элет жергесинде калкка мүнөздүү салттардан улам аялдар тепки жегенге чыдап келишет. Зордукту ачыкка чыгарууну уят нерсе катары кабыл алышат. Кыздар жеке эле кайын журтунан эмес, өздөрүнүн эне-атасынын да жемесине дуушар болуудан коркушат.

1996-жылы Өзбекстан аялдарга карата үстөмдүк кылуунун бардык формасын жок кылуу боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун конвенциясын ратификациялаган. Улуттук мыйзамдарда кол салуу боюнча гана жаза колдонуу каралып, үй-бүлөөдөгү зомбулук боюнча эч кандай укуктук норма жок. Үй-бүлөөдөгү зордук маселесин эске албоонун өзү чоң кыйынчылык жаратууда дешет адисттер.

«Аялдар үйдөгү чыр-чатакты сыртка чыгарбай, токмоктоого чыдоо керек деген ой-маселени тааныгысы келбей жаткан өкмөттүн оюу», - дейт Хамидова.

Укуктук чектөөнүн жоктугунан тышкары өзбек саясатчылары үй-бүлөөлүк зомбулук бар экендигин жокко чыгарышууда.

«Аялдарды урматтап, аялды эне, эжекарындаш, кыздарыбыз катары кабыл алган биздин коомдо үй-бүлөөлүк зомбулук жок. Анткени эркектер дайыма аялдарга сый-урмат менен мамиле кылат дейт өзбек парламентинин төмөнкү палатасынын вице-спикери жана өлкөдөгү эң белгилүү аял-саясатчылардын бири Дилорам Ташмухамедова.

“Эгерде үй-бүлөөдө зордук болсо, анда алар бир эле жолу кездешчү нерсе жана анын саны көп эмес. Биз башка өлкөлөрдөгүдөй үй-бүлөөлүк террордун жайылышын байкаганыбыз жок. Андай нерсе орун алган күндө деле мыйзам аялдарга өз укуктарын коргоп алууга жол берет.

Ошондуктан Өзбекстанда бул көйгөй бар деп айтуунун кажети жок”,-деп кошумчалады ал.

Дагы бир аял-саясатчы, өлкөнүн премьер-министринин орун басары жана Өзбекстандын аялдар комитетинин төрайымы Фарида Акбарова да үй-бүлөөдөгү зомбулук Өзбекстанда жүйөөлүү көйгөй эмес экендигин билдирди.

Азыркы түзүлгөн шартта аялдардын арыз жазууга шашылбагандыгы таң калыштуу деле эмес.

“Өзбек аялдары күйөөлөрүнүн кордугу алдында өтө эле алсыз”,-.дейт өлкөнүн түндүгүндөгү Хорезм аймагындагы «Нажот» укук коргоо уюмунун жетекчиси Хайитбой Якубов. “Алардын көпчүлүгү узакка созулган уруп-сабоолор алардын мыйзамдуу укугун тебелегендик экенин да билишпейт. Алар милицияга барып, өз укугун жана өмүрүн коргоп калса болоорунан да кабарлары жок. Аягы өлүм менен бүткөн учурлар көп эле кездешет”.

Якубовдун айтымында, ушул жылдын башынан бери Хорезмде укук коргоо органдары тарабынан өз жанын кыйган 3 окуя катталган. Милиция муну үй-бүлөөдөгү психологиялык жана физикалык зомбулук менен байланыштырат.

Мындай окуялардин бирине 22 жаштагы Наргиза Оллаберганова да кабылган. Аталган келин үстүбүздөгү жылдын январь айында муунуп өлгөн. Окуяны изилдеп аткан Якубовдун айтымында, Оллабергановага өзүнүн күйөөсү зордук көрсөтүп жүрчү.

Ушундай өңүттөгү окуяларга ачык маалымат жок болгондуктан сарэсеп чогултуу да кыйынга туруууда. Наргиза Оллаберганованын өлүмү жалгыз окуя эмес.

Ташкенттеги оорукананын дарыгерлери жакында 2 аял күйөөлөрүнүн токмогунан каза тапкандыгын айтышты. Катуу тепкиден улам бирөөсүнүн бооору жарылып кеткен. Дарыгерлердин айтымында күйөөлөрүнө аялдардын жасаган тамагы жакпай калган.
Бүгүнкү күндө Өзбекстанда үй-бүлөөлүк зомбулуктан жапа чеккендерге жардам көрсөтүүчү бей өкмөт уюмдар өтө эле аз.

2005-жылдагы каршылык көрсөткөн адамдарды өкмөттүн аскерлери атып таштаган кандуу Андижан окуясынан кийин батыш өлкөлөрү менен Өзбекстандын мамилеси кыйла бузулган. Аялдардын укугун коргогон уюмдар, каатчылыкты чечүү борборлорду камтыган бей өкмөт уюмдар иш-мердүүлүгүн токтотууга мажбур болгон. Ага каржы маселеси жана өкмөт тарабынан көрсөтүлгөн айрым кысымдар себепкер.

Азыркы маалда саналуу гана жеке укук коргоочулар жана укук коргоо уюмдар өздөрүнүн кызматтарын расмий эмес түрдө сунуштап келишет.

“Жабыр тарткан аялдарга жардам берген бардык борборлор дайыма кысымга кабылышат”, - дейт Өзбекстандын Жизак областындагы каатчылыкты чечүү борборунун кызматкери. “Расмий мамлекеттик түзүлүштөр биздин аткарып жаткан ишибизге ишенимсиздик менен мамиле жасашат. Алар биз аялдарды күйөөлөрүнө каршылаштырып жатат деген ойдо. Биз көптөгөн келиндер күйөөсүнүн ур-токмогунан каза болуп жаткандыгын түшүндүрүп көрдүк. Бирок алар бул жүйөөнү кабылдаган жок. Биздин өзбек үй-бүлөөсү ушинтип эле жашап келген, алыстагы батыш маданиятын бизге алып келбегиле дешти”.

Каатчылыкты чечүү борбордун кызматкери өлкө чындыгында эле үй-бүлөөдөгү зордук-зомбулукка кабылган аялдарга жардам көрсөтүүчү ири борборлорго муктаж деп эсептейт.
(Коопсуздук максатында сурамжылангандардын аты-жөнү өзгөртүлүп берилди.)

***Бахтиер Расулов – Ташкенттеги журналисттин жашыруун аты***



# МЫЙЗАМДАРДЫ ГУМАНДАШТЫРУУ ТЕКШИ БОЛУШУ КЕРЕК

***Кылмыш жана жараяндык кодексти либералдаштыруу идеясы адвокатуранын чыныгы көз карандысыз институтунун түзүлүшү менен коштолуп, соттогу жактоочулардын кармоодон кийинки мөөнөттөгү ыйгарымынын кеңейишине алып келиши зарыл..***

1-мартта Мамлекеттик коопсуздук Кеңешинин жыйынында президент Гурбангулы Бердымухаммедов кылмыш-жараяндык кодексти либералдаштыруу каралгандыгы жөнүндө билдирди.

Негизинен, камакка алынгандарды коомдук көзөмөлгө алуу, аларды эмгек тарбия иштерине тартуу боюнча тартип киргизүү сунушталды. Парламент иштеп чыгуусуна тапшырылган жаңы кылмыш кодексинде өзгөчө оор кылмыш үчүн каралган 25 жыл эркинен ажыратуу мөөнөтүн 15жылга кыскартуу, акча түрүндө жазалоо сунушталган.

Түркмөн башы башка чаралардын катарында адвокатуранын ролун күчөтүүнү белгиледи.

Президент сунуштаган кылмыш жана жараян мыйзамдарынын өзгөртүү маселеси көптөн бери бышып-жетилип келген. Түркмөн кылмыш жазалоо тутуму илгери эле эскирип, жаңыланууга муктаж. Коңшу Борбор Азия өлкөлөрү эчак эле бул жол менен кетип, өзгөчө оор кылмыш үчүн жазалоону жеңилдетип, жеңил кылмыш үчүн жазапул киргизип, элдешүү институтун мыйзамдаштырып коюшкан. Ал эми Түркмөнстанда азыркыга чейин тоок уурдаган кылмышкер беш жыл эркинен ажырашы мүмкүн. Эл аралык юридикалык тажрыйбада кадыресе, мындай кылмыш үчүн ири жазапул каралган.

Оор жагдайсыз бейбаштык үчүн үч жылдан беш жылга чейин эркинен ажыратуу-либеризациялоого муктаж болгон берене катары саналат. Ага экономикалык кылмыш, мисалы, түшүм жыйноо маалындагы кошуп жазуу түрүндөгү алдамчылык – максималдык жазасы беш жыл эркинен ажыратуу да кирет. Бул нормаларды шарттуу жазалоо же жазапул түрү менен алмаштырса болот.

Биринчи ирет болгон кылмыш үчүн да жазаны жеңилдеткен жаңы мыйзам каралышы зарыл.

Дүйнөлүк кырмыш-жараяндык тажрыйбада мындай нормага уурдап-тоноо, жаш курагы жетпеген өспүрүмдөр тарабынан (өзгөчо оор кылмыш - адам өлтүрүү, каракчылык кол салуу, зордуктоодон тышкары) кылмыш жасоо, экономикалык кылмыш, мамлекеттик чек араны мыйзамсыз өтүү, бийлик ээсин мазактоо, аскер кызматына чакырыктан качуу кирет. Бирок түркмөн мыйзамдары боюнча бул кылмыштар үчүн жарандар анын аткарылыш шартына карабай эки жылдан жети жылга чейин эркинен ажырашы мүмкүн. Анын үстүнө өкүм чыгаруу тажрыйбасы көрсөткөндөй сот эң көп өлчөм менен жазалайт.

Сынчылар, түркмөн кылмыш мыйзамдарында жеңил да нормалар бар деп талашат. Мисалы, Кылмыш кодексинин 78-беренеси боюнча боюнда бар, же жаш наристеси бар аялдарга карата өкүмдүн созулушу. 68-берене шарттуу камакка алууну белгилейт. Бирок, тилекке каршы, биздин Ассоциация тарабынан өкүмдөрдү мониторинг-дөөнүн натыйжасында 1996-жылдан бери бул беренелер бир да жолу колдонулган эмес.

Адвокатура институтун өзгөртүү дагы олуттуу болуп жатат. Биринчиден, жактоочуларга зарыл ыйгарым берүү, шектүү деп кармалгандарды бардык мөөнөттөрдө мыйзамдуу жактоо менен камсыздоо керек.

Бул үчүн “Адвокатура жана адвокаттык ишкерлик жөнүндө” жаңы Мыйзам чыгарып, Түркмөнстанда бүгүнкү күнгө чейин колдонуп келген 1970-жылкы мыйзамдардын советтик үлгүсүн жоюу керек.

Бул эски мыйзамга ылайык, биздин өлкөдө адвокаттар иш жүзүндө эч нерсеге укугу жок. Камоого расмий уруксат болгуча, кармалган адамга жакындоого болбойт. Ал эми башка өлкөлөрдө, тескерисинче, жактоочу дайым кармалган адамдын жанында жүрөт. Кармалган адам кылмышка шектүү деген күнөө коюлуп, он күндөп алдын ала тергөө органдарында расмий каттоосуз жаткан учурлар болгон. Мындай адамдарга каршы күнөөнү мойнуна коюу максатында психологиялык басым жана күч колдонулушу мүмкүн. Эгер керектүү натыйжаларга жетишпесе, “шектүү” делген адамды он беш суткага “майда шылуунчулугу” үчүн, же “укук коргоо органынын кызматчысына каршылык көрсөттү” деген шылтоо менен административдик камакка алынат. Бул убакта шектүү адам мамлекеттик жазалоочу машине менен жекеме-жеке калат.

Экинчиден, адвокаттарга айыптоочу тараптар менен тең укук берүү керек. Түркмөн сот системасы 1995-жылдан тарта бир да актоо өкүмүн чыгарган эмес. Соттор кармалган адамдын күнөөсүн далилдөөгө гана ниеттенишип, адвокаттын өтүнүчүн эч качан көңүлгө алышпайт.

Үчүнчүдөн, башка демократиялык өлкөлөрдө тажрыйбалангандай, адвокат өз тергөө ишин жүргүзүүгө укуктуу. Андан башка, “жактоо күбөсү” деген түшүнүктү мыйзамдаштыруу зарыл.

Тергөө органдарынын кызматчылары алдын ала тергөөдө шектүү адамдын күнөөсүн далилдөөгө, ал эми адвокат өзүнүн коргоого алган адамынын күнөөсүздүгүн далилдөөчү фактыларын жана күбөлөрдү таап маектешүүгө укуктуу.

Азырынча иш башкача жүрүп жатат. Эгер адвокат сотко чейин күбө менен жолугуп, маектешкени белгилүү болсо, аны сот жараянынан четтетишет.

***Тимур Мисриханов, Түркмөнстан көз карандысыз адвокаттарынын жетекчиси, Нидерландыдагы NBCАнын адиси.***

# ТҮШҮНДҮРМӨ:

## Бийлик жумушсуздарды көзгө илбей, алардын укугун бузат

***Түркмөнстанда расмий мартаба жана социалдык жөлөкпул мүмкүнчүлүгүнө карабай, жергиликтүү жумушсуздар иш жүзүндө эч нерсе албайт, анткени жумушсуздук бар экени четке кагылып, жумуш менен камсыздоо фонддорун каржылоо механизми жок.***

Түркмөн бийлиги, базар мамилесине өтүүнү жарыялоодон мурун, эмгек мамилесинин жаңы формалары пайда болушу менен экономиканын тутумдун өзгөрүшү өзү менен бирге жумушсуздукту алып келээрин унутпашы керек эле. Бул ишканаларды менчиктештирүү, кызматчыларды оптималдаштыруудан улам адистердин кыскарышын пайда кылат.

Жарыялоого мүмкүн болбогон, расмий сарэсептин маалыматы боюнча, Түркмөнстандын иштөөгө жараган калкынын беш пайызы үзгүлтүксүз жумушу жок. Бирок, көз карандысыз изилдөөлөр жумушсуздардын саны бир жарым-эки эсе көп экенин, болжол менен 240 миң адамга жеткенин билдирди.

Азыркы учурда кыскарган кызматчылар, окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү, ички мигранттар, ордун алмаштырууну каалаган адистер, аскер кызматынан бошоп келген адамдар жумуш издөө менен алек. Байкоолорго таянсак, бул адамдар киреше булагынын жоктугуна байланыштуу турмуш шартынын деңгээли төмөн жана акы төлөөчү медициналык кызматка чектелген мүмкүнчүлүккө ээ.

Бирок алардын бири да жумушсуздуктун расмий мартабасына ээ болбой, башка өлкөлөрдө бар болгон социалдык жөлөкпул албайт.

Бир караганда түркмөн жумушсуздарынын мындай абалы таң калтырат, анткени 1991-жылы кабыл алынган "Калкты иш менен камсыздоо" мыйзамы жана анын эмгек биржасы жөнүндө актыда жумушсуздардын мартабасын аларды таануу шарттары жана социалдык коргоо укугун кепилдөөнү камтыган эл аралык нормалар бар.

Жумушсуздарды камсыздоо каражат булагы катары мыйзам тарабынан ишканалардын, мекеме-уюмдардын эмгек акысынан эки пайызын милдеттүү түрдө чегерүүсү каралган. Бирок иш жүзүндө мыйзам иштебейт, анткени аны ишке ашыруу механизми менен бекитилген эмес.

Биринчиден, иш берүүчүнү жумушсуздук боюнча камсыздоо фондуна акча чегерүүгө милдеттеген салык мыйзамы менен "Калкты иш менен камсыздоо" мыйзамы ылайыкташтырылган эмес.

Бул кемчилик үчүн жумушсуздук мартабасы жумуш издеген адамдардын мартабасына өзгөрүлүп, жөлөкпул бөлүнүп берилбей калды.
Экинчиден, камсыздоо кызматы көп жылкы ишинде, жумуш издеп кайрылган адамдарды каттаган эмес, бул жагдай жумушсузга мыйзам тарабынан берилүүчү жөлөкпулдан куру калтырат.

Кийинчерээк камсыздоо кызматтары жокко чыгарылып, алардын ордун ошондой эле милдетти аткарып, сарэсеп органдарына жумуш ордун издеп кайрылган адамдарды санап берген эмгек биржалары түзүлгөн. Бирок жумушсуздардын абалы оңолбой, алар мурдагыдай эле мартабасы да, социалдык колдоосу да жок калды.

Жакында эле президент Гурбангулы Бердымухаммедов адамдык ресурстарга негизги басым коюлган, өлкөнүн дүйнөлүк чарбачылыкка алака түзүү жаңы экономикалык стратегиясын жарыялады. Бирок, мындай мыкты жаңылануууга бир топ терс факторлор, анын ичинде базар алакасынын натыйжасында келип чыккан жумушсуздук тоскоолдук кылат. Бийлик эмгек ресурстарын колдонууга убакыт жеткенин түшүнүп, экономикадагы жумуш күчүнүн зарылчылыгынын так санын билип, жумушсуздарды колдоо боюнча атайын фонддорду каржылоо механизмин аныктоо зарыл.

Ал үчүн калкты иш менен камсыздоонун жалгыз институтун түзүп, жумушсуз калган, жумуш издеген адамдар жөлөкпул алууга укугу жок калбагандай мыйзам чыгаруу базасын мыктылоо керек.

Аксолтан Аннагурбанова, Ашгабаддагы экономикалык адистин жашыруун аты.

# Қонунларни инсонпарварроқ қилиш бир текисда амалга оширилиши лозим

***Жиноий ва процессуал қонунчиликни либераллаштирув ғояси чинакамига мустақил бўлган адвокатура институтининг барпо этиш ҳамда судлар ва ҳибсга олишнинг барча босқичларида ҳимоячилар ваколатларини кенгайтириш билан биргаликда амалга оширилмоғи лозим.***

# ШАРҲ: Ишсизларга эътибор қилмаган расмийлар уларнинг ҳақ-ҳуқуқларини бузмоқда

***Туркманистонда ишсизлар расмий мақом ва ижтимоий нафақа олиш юзасидан қонуний имкониятга эга эканликларига қарамай, аслида маҳаллий ишсизлар бундай имтиёздан маҳрумлар, чунки мамлакатда ишсизлик борлиги тан олинмайди ва аҳолини иш билан таъминлаш жамғармаларини молиялаштириш механизмлари йўқ.***

Туркман ҳукумати бозор муносабати ўзгаришлари ҳақида таъкидлаган пайти, меҳнат муносабатларининг янги шакллари пайдо бўлиши билан боғлиқ бўлган иқтисодиёт қайта-қурилиши ўз ортидан ишсизлар сонининг кескин кўпайишига олиб келишини тушунмоқлари керак.

Бу корхоналарни хусусийлаштириш шаклларининг модернизацияси, штатлар қисқариши ва ишчиларнинг мажбурий ишдан бўшаши билан боғлиқдир. Кенг омма учун ёпиқ бўлган расмий статистика маълумотларига кўра, Туркманистондаги ишга лаёқатли аҳолининг тахминан беш фоизи доимий иш жойига эга эмас.

Аммо мустақил таҳлилга кўра, мамлакатда ишсизлар сони бир ярим-икки баробар кўпроқ бўлиб, у тахминан 240 минг киши[illegible] мумкин.

Айни [illegible]тда, штат қисқа[illegible]оқибатида [illegible]н бўшаганлар, [illegible]ртлари б[illegible]нилари, ички [illegible]тлар, турли [illegible]ларга кўра иш[illegible]и алмаштириш ниятида бўл[illegible]таҳассислар, армиядан қайтга[illegible]ш жойи қидириш билан машғул[illegible]

Кузатувчилар, бунда[illegible]оифадаги кишилар доимий дар[illegible]д манбаига эга бўлмаганлари бои[illegible]ўта паст турмуш тарзи юритиб, пу[illegible]ик тиббий хизмат олиш имконидан [illegible]аҳрумдирлар.

Аммо уларнинг бирортаси ҳам ишсизлик расмий мақомига эга эмас, шу боис, бошқа м[illegible]атларда бўлгани каби турмуш [illegible] учун ижтимоий нафақадан маҳ[illegible]рлар.

1991 йили Туркманистонда “Аҳолининг бандлиги” бўйича қонун қабул қилинган бўлиб, меҳнат биржалари ҳақидаги қонуний актлар халқаро меёрлар асосида ишсизлар мақомини аниқлаб, уларни тан олиш шароитлари, ҳамда ҳуқуқий ва ижтимоий ҳимоясини кафолатлашига қарамай, мамлакатдаги ишсизларнинг бундай вазияти тушунарсизлигича қолмоқда.

Қонунга кўра, ишсизларни нафақа пули билан таъминлаш учун ташкилот, корхона ва муассасаларнинг ҳар бири меҳнат ҳаққининг тахминан икки фоизи миқдорида мажбурий пул ажратишлар тўлайдилар. Аммо қонун амалга ошиши учун аниқ механизмлар бўлмагани боис, амалда у бажарилмай қолмоқда.

Аввалломбор, иш берувчиларни бандлик жамғармасига мажбурий пул ажратишлар тўлашга мажбурлайдиган ваш у орқали ишсизларга нафақа тўланишини кўзда тутган солиқ қонунчилиги “Аҳоли бандиги” қонуни билан мувофиқлаштирилмаган.

Шунинг учун, ишсизлар макоми иш изловчилар мақомига ўзгартирилиб, бунда уларга керакли нафақа тўланмайди. Иккинчидан, бандлик хизматлари уларга иш қидириш мақсадида мурожаат қилган одамларни рўйхатдан ўтказмаганлар. Бу эса, қонунан нафақа олиши керак бўлган ишсизни бундай ҳуқуқдан маҳрум қилган.

Кейин бандлик хизматлари фаолияти бекор қилиниб, улар ўрнига меҳнат биржалари ташкил қилинди. Ўз навбатида, улар ҳам худди бандлик хизматлари каби иш қидириб келганлар миқдори ҳақида статистика органларига ҳисобот бериш билан шуғулланадилар. Аммо шунга қарамай, ишсизлар вазияти ўзгармади, улар ҳозиргача маълум бир мавқега ва ижтимоий ёрдамга эга эмаслар.

Яқинда президент Қурбонқули Бердимуҳамедов, асосий эътибор инсоний захираларга қаратиладиган мамлакатнинг янги иқтисодий стратегияси ва халқаро хўжаликка интеграцияси ҳақида айтиб ўтди.

Аммо бу каби йирик ўзгаришлар бир қатор салбий факторлар, яъни иш жойлари қисқариши ва ишсизлар сони ортиши кабиларни келтириб чиқаришини унутмаслик керак.

Ҳукумат меҳнат заҳираларини жамлаш, иқтисоднинг иш кучига бўлган аниқ эҳтиёжлари, ишсизларни қўллаб -қувватлаш бўйича махсус жамғармаларни молиялаштириш механизмларини ишлаб чиқиши керак.

Бунинг учун аҳоли бандлиги масаласини ўрганадиган институтлик органини ташкил этиш, ҳамда иш қидириш билан банд бўлган одамларнинг турмуш кечириши учун маблағсиз қолмаслигини таъминлайдиган қонунчилик базасини такомиллаштириш лозимдир.

***Ақсўлтан, Аннағурбанова, ашхободлик иқтисод бўйича эксперт тахаллуси.***